Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Жума, 2025-жылдын 19-сентябры

№71 (3727)

www.erkin-too.kg

# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ КОЛДОШУБУЗ КЕРЕК



***Кыргызстан билим берүү тармагын түп-тамырынан жаңылоого киришкенине жалпыбыз күбөбүз. Баарыбызга маалым болгондой, жаңы нерсеге багыт алганда ар бир иш оорчулук, кыйынчылык, түйшүктөр менен коштолот. Дегенибиз, жаңылоого кадам шилтеп, 12 жылдык билим берүү системасына өтүүгө бел байлагандан тарта мектептерде окуучулардын көптүгү, мугалимдердин тартыштыгы жана жаңы окуу куралдарынын жетишсиздиги тууралуу сындар айтылууда. Президент Садыр Жапаров "Кабар" маалыматтык агенттигине берген маегинде ушул маселелер боюнча өз пикирин билдирди.***

Айрым адамдар окуу класстарда 40-50дөн окуучу болуп жатканын баса белгилешүүдө. Президент бул кырдаалды 12 жылдык билим берүүгө байланыштыруу туура эмес экенин айтып, мындай маселе 12 жылдык билим берүүгө чейин эле болуп келгендиги эч кимге жашыруун эмес экенин, мурунку жылдары 140-150 миң бала мектепке кабыл алынса, быйыл 1-2-класстарга 227 миң бала кабыл алынып, бул эки эсеге өсүш болгонун билдирди.

*(Уландысы 3-бетте)*

## ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЫНТЫМАГЫ

***Президент Садыр Жапаров Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө-мамлекеттердин өкмөт башчыларын жана вице-президентин кабыл алып, уюм түзүлгөндөн бери бир топ жолду басып өткөнүн жана бүгүнкү күндө ийгиликтүү өнүгүп жатканын баса белгиледи.***

Өлкө Башчысы өз сөзүндө Түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы ырааттуу өнүгүп келе жаткан соода-экономикалык мамилелерге өзгөчө басым жасап: "Уюмубуздун мындан ары да өнүгүшүн кааласак, ушул сыяктуу жолугушуулардай конкреттүү жана реалдуу натыйжаларды алып келе турган иш-аракеттерди жүзөгө ашырышыбыз керек. Саясий эрк менен колдоого алынган практикалык кадамдар биздин уюмдун мындан ары бекемделишине жана кадыр-баркынын жогорулашына өбөлгө түзөт" деди.

Өз кезегинде делегация башчылары жылуу кабыл алуу үчүн ыраазычылык билдиришип, кыргыз тараптын бул жолугушууну өткөрүү демилгесин мамлекет башчылары койгон милдеттерди ишке ашыруу үчүн маанилүү аянтча катары баалашты.

## ТООЛУУ-АЛТАЙ ШААРЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯ

***Тоолуу-Алтай шаарында (Россия Федерациясы) "Алтай – түрк элдеринин байыркы мекени. Түрк цивилизациясынын башаты" II Эл аралык илимий-практикалык конференция өз ишин баштады. Салтанаттуу ачылыш аземинде Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун конференциянын катышуучуларына жана конокторуна жолдогон куттуктоо сөзүн окуп берди.***

Анда түрк биримдигин бекемдөөгө, илимди, маданиятты жана билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган демилгелерди ар дайым колдой тургандыгын белгилеп: "Алтай – бул жөн гана тоолордон, суулардан жана талаалардан турган географиялык аймак эмес. Бул – түрк мамлекеттүүлүгүнүн, маданиятынын, тилинин, салт-санаасынын жана дүйнөтаанымынын башаты болгон ыйык бешик. Дал ушул жерде бүгүнкү күнгө чейин түрк элдерин бириктирип турган руханий көрөңгөлөр калыптанган. Кыргыз эли Алтай менен тарыхый жана руханий өзгөчө байланышты байыртан бери сезип келет. Орто кылымдарда Алтай жергеси кыргыздардын ата мекени болгон. Ата-бабаларыбыз кылымдар бою ушул жерде жашап, түрк элдерине таандык жалпы салттарды сактап, өнүктүрүп келишкен. Биз – бир тилдүү, бир тектүү үй-бүлөнүн өкүлдөрүбүз, ошондуктан алтайлыктар менен жолукканда бири-бирибизди сөз менен эле эмес, жан дүйнө менен да түшүнөбүз" деген Мамлекет Башчысы.

Конференциянын алкагында Кыргызстан менен Россиянын жалпы тарыхына байланышкан маселелерди чагылдырган, тарыхый агартууга багытталган биргелешкен программалар менен иш-чараларды уюштуруу үчүн бирдиктүү аянтча түзүү пландалууда.



## ПАРЛАМЕНТТИ ТАРАТУУДАГЫ ЖҮЙӨЛӨР НЕГИЗДҮҮ

***Жогорку Кеңештин жыйынында Төрага Нурланбек Тургунбек уулу VII чакырылыштагы парламентти таратуу боюнча депутаттардан демилге келип түшкөнүн белгилеп, бирок аталган сунуш жалпы депутаттардын кароосу менен чечилерин билдирди.***

Тагыраагы, Төрага аракеттеги парламентти таратууга сырткы күчтөрдүн, Президенттин же аткаруу бийлигинин мыйзамдык укугу жок экенин айтып: "Парламент өзүн-өзү гана тарката алат. Ага ылайык, депутаттар тарабынан атайын демилгечи топ түзүлүп, парламентти таратуу сунушун жүйөлүү себептер менен негиздеп, менин атыма кайрылууну киргизишти. Аталган кайрылууга 32 депутат кол койгон экен. Анын негизинде тиешелүү тапшырмаларды бердим, учурда керектүү иштер жүргүзүлүп жатат" деди.

Ошого катар демилгечи топтун жүйөлөрү негиздүү экенин белгилеген Нурланбек Тургунбек уулу: "Өзүңүздөр жакшы билгендей, 2027-жылдын январь айынын акыркы жекшембисинде Президенттик шайлоо өтөрүн мыйзам менен так бекитип бергенбиз. Ал эми Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо өнөктүгү 2026-жылдын ноябрь айында өтүшү керек болчу. Бирок чоң маанидеги негизги шайлоолордун катар-катар өтүшү саясий жактан да, экономикалык жактан да бир топ маселелерди жаратат. Борбордук шайлоо комиссиясы үчүн да техникалык эле эмес, физикалык жактан дагы оор болору белгиленген. Андыктан демилгечи топтун келтирген бул жүйөлөрү туура деп эсептейм" деди.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АРДАКТУУ КОНОК

# ТҮРКИЯ МЕНЕН ТАМЫРЫБЫЗ БИР



***Кечээ “Ала-Арча” мамлекеттик резиденциясында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев өлкөгө расмий жумуш сапары менен келген Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз менен жолукту. Ардактуу мейманды жылуу тосуп алган МинКаб Төрагасы анын Кыргызстанга болгон расмий сапары Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы бир туугандык жана стратегиялык мамилелердин мындан аркы өнүгүшүнө түрткү берерине ишенимин билдирди.***

“Биздин салттуу достук жана стратегиялык өнөктөштүгүбүз жигердүү өнүгүп жатканын кубануу менен белгилеймин. Өткөн жылдын 5-ноябрында эки өлкөнүн Президенттеринин сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгында Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы кызматташтык ар тараптуу стратегиялык өнөктөштүк деңгээлине көтөрүлгөн. Сиздин расмий сапарыңыздын алкагында Өкмөттөр аралык комиссиянын кезектеги жыйынын өткөрүү эки тараптуу кызматташуу үчүн чоң мааниге ээ. Бүгүн бизде кыргыз-түрк күн тартибиндеги актуалдуу маселелер боюнча пикир алмашууга эң сонун мүмкүнчүлүк бар» деди Адылбек Касымалиев.

Өз кезегинде Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз кыргыз тараптын меймандостук жана жылуу кабыл алгандыгы үчүн ыраазычылык билдирип, эки тараптуу кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүнүн жана чыңдоонун маанилүүлүгүн белгиледи. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар соода-экономикалык, маданий-гуманитардык жана инвестициялык кызматташуунун кеңири чөйрөсүн талкуулашты.

### Соода-экономикалык кызматташтык

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев менен Кыргыз Республикасына расмий жумуш сапары менен келген Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаздын төрагалыгы алдында Соода-экономикалык кызматташтык боюнча кыргыз-түрк өкмөттөр аралык комиссиясынын 12-жыйыны өттү.

Жыйында биргелешкен логистикалык борборлорду жана сертификациялык сайттарды түзүү сунушталды. Бул Кыргызстандын продукциясы Түркиянын рыногуна гана эмес, Түркия аркылуу Европанын рынокторуна дагы тез жана ишенимдүү чыга алат. Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасында 2030-жылга чейин Улуттук өнүктүрүү программасы кабыл алынган жана анын негизги багыттарынын бири Регионалдык Хабды түзүү болуп саналат.

Жыйындын жүрүшүндө тармактык темалар боюнча да баяндамалар угулуп, андан соң жыйынтыктоочу документтерге кол коюу аземи өттү. Ага улай Министрлер Кабинетинин Төрагасы менен Түркия Республикасынын Вице-президенти жалпыга маалымдоо каражаттарына билдирүү жасашты.

Адылбек Касымалиев Түркиянын Вице-президенти Жевдет Йылмаз мырзага жана түрк делегациясынын мүчөлөрүнө үзүрлүү иш жүргүзгөндүгү үчүн ыраазычылык билдирүү менен бирге негизги макулдашууларга токтолуп: “Биздин жалпы максатыбыз – жакынкы жылдарда соода жүгүртүүнү 5 миллиард долларга жеткирүү болуп эсептелет. Бул багытта бардык аракеттерди жумшоо боюнча макулдаштык. Ошону менен бирге соода, инвестиция, энергетика, өнөр жай, инновациялар жана башка маанилүү тармактарды камтыган кеңири маселелер талкууланды. Өзгөчө көңүл мурдагы жетишилген макулдашуулардын аткарылышына бурулду. Мындан тышкары жогоруда аталып кеткен багыттар боюнча кызматташтыктын жаңы векторлору аныкталып, аларды практикалык жүзөгө ашыруу боюнча так кадамдар макулдашылды” деди.

### Бизнес-форум өттү

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев жана Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз ушул эле күнү 40 кыргызстандык жана 30га жакын түрк фирмасынан 200гө жакын ишкери катышкан бизнес-форумга катышты.

Адылбек Касымалиев акыркы беш жылда Түркиядан Кыргызстандын экономикасына келген түз инвестициянын жалпы көлөмү 1 миллиард 449 миллион долларды, ал эми Кыргыз Республикасы менен Түркиянын ортосундагы соода жүгүртүү 2,3 миллиард доллардан ашканын баса белгилеп: «Бул көрсөткүчтөр биздин өлкөлөр ортосундагы экономикалык байланыштардын динамикалуу өнүгүп жатканын жана аларды мындан ары тереңдетүү үчүн олуттуу инвестициялык потенциалды көрсөтүп турат. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда түрк капиталынын катышуусунда 3 миңге жакын компания ийгиликтүү иштеп, миңдеген жарандарды жумуш менен камсыз кылууда. Бул экономикалык кызматташуунун реалдуу натыйжасы. Биз бул аракеттерди жогору баалайбыз жана кызматташуубуз мындан ары да кеңейе берерине ишенебиз» деди.

Түркиянын Вице-президенти Жевдет Йылмаз өз сөзүндө Кыргызстанга болгон расмий сапары жана Соода-экономикалык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык комиссиянын 12-жыйыны мыкты уюштурулгандыгы үчүн ыраазычылык билдирип, Түркия Кыргызстан менен кызматташууну мындан ары да кеңейтүүгө кызыкдар экенин белгиледи.

КЕЛЕЧЕГИ КЕҢ УЮМ

# ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ЫНТЫМАГЫ ЧЫҢДАЛУУДА

***Кечээ “Ынтымак Ордодо” Түрк мамлекеттер уюмуна (ТМУ) мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчыларынын/Вице-президентинин жолугушуусу болду. Жолугушууга Азербайжан Республикасынын Премьер-министри Али Асадов, Казакстан Республикасынын Премьер-министри Олжас Бектенов, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев, Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз, Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри Абдулла Арипов, ошондой эле Түрк мамлекеттер уюмунун Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев катышты.***

МинКаб Төрагасы Адылбек Касымалиев ТМУ алкагында алгачкы жолу Өкмөт башчыларынын жолугушуусун уюштуруу Кыргызстан үчүн чоң сыймык экенин белгилеп, Кыргыз Республикасынын бул демилгесин колдоп бергени үчүн кесиптештерине ыраазычылык билдирди. Ал ошондой эле ТМУнун Өкмөт башчыларынын жолугушуусу өлкөлөр ортосундагы практикалык кызматташтыктын жаңы барагын ачып, Уюмдун алкагында артыкчылыктуу тармактарда кызматташууга кошумча түрткү берерин кошумчалады. Ошондой эле Кыргызстан ТМУ алкагында өз ара сооданы көбөйтүүгө, ири инфраструктуралык жана инвестициялык долбоорлорду, өзгөчө келечектүү жана тез өнүгүп жаткан тармактарды колдоого кызыкдар экенин белгиледи.

“Бүгүнкү күндө Уюмдун алкагында кызматташуунун 40ка жакын багыттары бар, көптөгөн жыйындар, жолугушуулар, форумдар, конференциялар өткөрүлүүдө. Бирок, бул жолугушуулар формалдуу мүнөзгө ээ болбошу зарыл. Ошондуктан, ТМУ ишмердүүлүгүнүн практикалык таасири элдин деңгээлинде жаңы жумуш орундары, жакшыртылган инфраструктура, билимге, саламаттыкты сактоого, энергетикага жана заманбап технологияларга жеткиликтүүлүк түрүндө сезилерлик болушу керек деп эсептейм” деди Адылбек Касымалиев.

Мындан сырткары, кесиптештеринин Түрк инвестициялык фондун түзүү боюнча сунушун өзгөчө кубаттарын айтып, бирок мындай структураны түзүү гана маанилүү эмес, пайдалуу жана керектүү долбоорлорду практика жүзүндө өнүктүрүү зарыл экендигин белгиледи. Ага катар тез технологиялык прогресстин шартында санариптештирүү, жасалма интеллект жана инновациялар тармагындагы кызматташтык түрк дүйнөсүнүн мамлекеттери үчүн өтө актуалдуу болуп жатканын кошумчалады.

Ушул жерден айта кетишибиз керек, Кыргызстан санариптик интеграцияга жана “санариптик түрк мейкиндигин” өнүктүрүүгө багытталган демилгелерди ыраатуу колдоп келет. Санариптештирүү жарандардын жашоосун жеңилдетип гана тим болбостон, экономикалык өсүштүн жана өлкөлөрүбүздүн ортосундагы байланышты чыңдоого жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачарын билип калдык. Акыркы жылдары Кыргызстан бул жаатта бир топ ийгиликтерге жетишти. Маселен, Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмунун электрондук өкмөт рейтингинде 101-орундан 78-орунга көтөрүлдү, Санариптик кодекс кабыл алынды, өлкөнүн “Түндүк” колдонмосу жарандарга 170тен ашык санариптик мамлекеттик кызматтарды алуу мүмкүнчүлүгү берилди.

Баса, өткөн жылы Бишкек саммитинде ТМУга мүчө мамлекеттеринин ортосунда санариптик экономика чөйрөсүндө өнөктөштүк жөнүндө Макулдашууга кол коюлган жана бул бирдиктүү санариптик мейкиндикти калыптандырууга карай маанилүү кадам болду. Ал электрондук коммерцияны, санариптик платформаларды жана технологиялык кызматташтыкты өнүктүрүүгө негиз түздү.

Жолугушууда ТМУга мүчө мамлекеттердин делегация башчылары сөз сүйлөшүп, мындай диалог кызматташтыкты тереңдетүү, экономикалык байланыштарды чыңдоо жана өлкөлөр ортосундагы өз ара ишенимди өнүктүрүү аянтчасы катары Түрк мамлекеттер уюмунун маанилүүлүгүн жана актуалдуулугун тастыктарын билдиришти. Жалпысынан экономика, соода, инвестиция, транспорт, санариптештирүү, энергетика, айыл чарба жана башка тармактарда кызматташуу маселелер каралды. Жыйынтыгында Түрк мамлекеттер уюмуна төрагалык кылуу Азербайжанга өтүп, биргелешкен билдирүү кабыл алынды.

**Зулпукаар САПАНОВ**





# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ КОЛДОШУБУЗ КЕРЕК

*(Башталышы 1-бетте)*

Ажобуздун айтканына караганда, негизги жүк Бишкекке түшүп, бул ички миграция жана көптөгөн үй-бүлөлөрдүн туруктуу каттоосунун жоктугу менен байланыштуу болуп жатат. Демек, муну менен балдардын агымын алдын ала болжолдоо кыйын. Ошондуктан, Президент Садыр Жапаров ушул маселеге өзүнүн пикирин билдирип: “Жаңы мектептерди куруп, келечектеги курулуш инвестицияларын биринчи кезекте Бишкекке багыттайбыз. Иштеп жаткан мектептерди кеңейтип жана оңдоп жатабыз, убактылуу кошумча класстар бала бакчаларда ачылууда. Мисалы, Маликов көчөсүндөгү Мамлекеттик ипотекалык компания тарабынан курулган турак үйлөр жактагы мектепте окуучулар өтө көп болгондуктан, ошол жерге жаңы мектеп салынганча 700 орундуу класстар МИКтин үйлөрүнүн биринчи кабатына убактылуу уюштурулду. Мэрия менен биргеликте бош турган имараттарды окуу пункттарына багыттагыла деп тапшырма бердим” деди.

Президент өз сөзүндө, 2025-жылы республика боюнча 119 билим берүү объектиси бүткөрүлдү, алардын ичинен 68 мектеп жана 27 бала бакча курулду, ошондо дагы Бишкек шаарында мектептер тартыштыгы жоюла электигин айтты. Негизинен 12 жылдык билим берүү имаратка көз каранды эмес. Бул – дүйнөлүк билим берүү системасына шайкеш келген стандарттар, программалар, окуу китептери. Албетте биринчи, экинчи жылдары кыйынчылыктар болот. Бирок, бара-бара түздөлүп кетет. Эң башкысы, дүйнөлүк стандартка өттүк деген оюн билдирди.

Белгилей кетишибиз керек, билим берүү системасынын ийгилиги биринчи кезекте мугалимдердин деңгээлине байланыштуу. Бул багытта иш жүрүшү керек. Азыр өлкө боюнча 93 миңден ашык мугалим эмгектенип жатканы айтылат, алардын ичинен 87 миңден көбү мамлекеттик мектептерде иштейт экен. Албетте, эмгек акынын аздыгынан улам мугалимдер жетишпеген учурлар болуп келген, бирок бул көйгөй акыркы жылдары кыйла азайды. Маселен, быйылкы окуу жылдын башында мугалимдердин жетишпестиги мурдагыдай 2,5 миң эмес, 947ни түзүптүр. Бул – үзүрлүү иш-аракеттердин жыйынтыгы. Эмки жылдын 1-апрелинен тарта мугалимдер менен медиктердин эмгек акысы да көтөрүлгөнү турат, ошондон кийин бул көйгөй толук чечилерине ишеним арта берсек болорун баса белгиледи Өлкө Башчысы.

Мугалимдин жетишпестиги дүйнө боюнча проблемага айланганын белгилеген Мамлекет Башчысы мына ушундай көйгөйлөрдүн алдын алуу үчүн бизде мыкты мугалимдердин келишине, жетишпегендикти чечүү үчүн жаңы социалдык демилгелер башталганы турганын билдирип, мугалимдин депозити узак мөөнөттөгү ипотекага айландырылганы турганын айтты. Ошондой эле “Учкун” басмаканасынан сапаттуу, талапка жооп берген окуу китептери чыга баштаганын, көп жылдардан бери биринчи жолу туруктуу каржылоо киргизилип, жаңы муундагы окуу китептерин массалык чыгарууга 744 млн сом бөлүнгөнүн маалымдады.

Кыскасы, билим берүү системасын түп-тамырынан өзгөртүү боюнча чечим кабыл алынды. Бул багыттагы иштер үчүн мамлекеттин бюджетинде атайын каражат каралды. Бардык зарыл болгон укуктук-ченемдик база бекитилди, 12 жылдык билим берүүгө өтүүнүн концепциясы кабыл алынып, стандарттар, программалар жана окуу пландары даяр болду. Президентибиз айткандай, эми бизде артка жол жок. Мындан ары карай коомубуз биримдик көрсөтүп, сабырдуулук менен чыдап, Агартуу министрлигинин аракеттерин сындап отурбастан, тескерисинче колдоо гана көрсөтүшүбүз керек.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

МААНИЛҮҮ МАЕК

**КР БШКнын Төрагасынын орун басары Айдана ЖУПУЕВА:**

# “БИР ШАЙЛООЧУ БИР ГАНА ТАЛАПКЕРГЕ ДОБУШ БЕРЕ АЛАТ”

***Парламенттик шайлоонун болор-болбосу азырынча белгисиз. Бирок, учурда Жогорку Кеңештин өзүн-өзү таркатуусу боюнча демилге көтөрүлдү. Эгерде парламент таркап, быйыл жаңы чакырылыштын келээри анык болуп калса, БШК бул шайлоого толук даяр экендигин билдирди. Андыктан биз КР БШКнын Төрагасынын орун басары Айдана Жупуевага кайрылып, кезектеги шайлоонун өзгөчөлүктөрү тууралуу суроолорго жооп алдык.***



**– Азыр Жогорку Кеңештин өзүн-өзү таркатуу демилгеси көтөрүлдү. Бул сунуш колдоого алынууда. Эгер парламент таркап кете турган болсо, чукул арада шайлоо жарыяланат. Бул жолку шайлоонун мурдагы шайлоолордон айырмачылыктары кандай болот?**

– Президентибиз кол койгон жаңы конституциялык Мыйзамдын негизинде мындан аркы шайлоолор жаңы форматта өтөт. Мурунку шайлоолордо пропорционалдык система менен 54 депутат партиялык тизме менен, ал эми можаритардык система менен 36 депутат бир мандаттуу округдардан шайланып келсе, азыркы мыйзамга ылайык 90 депутат 30 көп мандаттуу округдан шайланып келет. Ар бир округдан добушту эң көп топтогон үч талапкер депутаттык мандатка ээ болот. Азыр коомчулук шайлоо качан, кандай өтөт экен? – деп кызыгып турган чагы. Бул Жогорку Кеңештин депутаттарынан гана көз каранды. Эгер алар өзүн-өзү таркатууга барышса, 5 күндүн ичинде Президентибиз Жарлыгын чыгарат. Андан кийин гана шайлоонун өтө турган күнү белгилүү болот. 2021-жылы бизде шайлоо аралаш система боюнча өткөн. Азыр мажоритардык жана пропорционалдык система менен шайланып келишет. Бул жолу аялдар үчүн чоң мүмкүнчүлүк каралды. 90 депутаттын эң аз дегенде 30у сөзсүз түрдө аял киши болушу мүмкүн.

**– 30 округдан 3төн депутат шайланып келе турган болсо, аларды бюллетенден белгилөө эрежеси кандай болот?**

– Ушул маселе эң негизгилерден болуп турат. Айрымдар 3 депутат шайлана турган болсо, 3 адамга добуш беребиз деген жаңылыш ойдо болушууда. Андай эмес. Бир шайлоочу бир гана талапкерге добуш берүүгө укуктуу. Бюллетенде канча талапкер болсо да, сиз бир гана талапкерге добуш бересиз. Эгер эки же андан ашык белгилөө болсо, ал бюллетень жараксыз болуп калат. Азыр бюллетендер мурдагыдай алдын-ала даярдалбай жеринен чыгарылып берилет. Мурда миллиондогон бюллетендерди басып чыгарып, андан кийин аларды жараксыз деп жокко чыгаруу чоң чыгымга алып келчү. Ар бир участокко бюллетендер атайын күзөтчүлөрдүн, МАИ кызматынын коштоосунда жеткирилчү. Азыр принтери бар идентификациялоочу түзүлүш (ПИТ) аркылуу бюллетендер автоматтык түрдө, шайлоочу шайлоого келген учурда басылып чыгарылат. Бул аппарат бир нече кызматты бир учурда аткарат.

**– Жаңы мыйзамда талапкерлер койгон күрөөнүн суммасы өзгөргөн. Ушул тууpасында айтып берсеңиз.**

– Мурда талапкерлерден 100 миң сом күрөө талап кылынчу жана ал белгилүү шарттарда кайтарылып берилчү. Эми бул сумма 300 миң сом салым катары мамлекеттик казынага түшөт.

**– Азырынча кайсы райондор кайсы округга кирээри белгисиз да. Бирок, айрым маалымат каражаттарына округдар белгиленген карта жарыяланды.**

– Жогорку Кеңеш таркап, Президентибиздин Жарлыгы чыккандан кийин БШК 7 күндүн ичинде округдардын схемаларын, чек араларын белгилеп, иштеп чыгып, андан кийин гана элге жарыялайбыз. Ага чейин эч бир округдардын чек аралары бекитилбейт. Жаңы мыйзамдын негизинде шайлоо округдары калктын санына жана географиялык жактан чектештигине жараша түзүлөт.

**– Кезектеги шайлоодо, шайлоо участоктору базарларга да коюла тургандыгы айтылды.**

– Мурун жарандар каттоосу бар жеринде гана добуш бере алчу. Эми жаңы программалык камсыздоо аркылуу ар бир кыргызстандык жаранга каалаган аймактагы шайлоо участкаларынан добуш берүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Шайлоо күнү сизге ыңгайлуу болуп турган шайлоо участогуна барсаңыз, ошол жакта добуш берүү мүмкүнчүлүгү боло турган шарттарды түзүүнүн үстүндө иштеп жатабыз. “Манас” жана “Ош” эл аралык аэропортторунда, ошондой эле ири авто жана соода базарларда шайлоо участокторун ачуу пландалууда. Эгер сиздин каттооңуз региондордо болсо, сиз Бишкектен туруп деле добуш бере аласыз. Сиздин колуңузга ПИТ сиздин округдан талапкер болуп катталгандардын тизмеси бар бюллетенди чыгарып берет.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

**Маекти толук "Эркин-Тоо" гезитинин ютуб каналынан көрө аласыздар**

## КӨП КАБАТТУУ ТУРАК ҮЙДҮН МАСЕЛЕСИ ЧЕЧИЛДИ

Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министри Нурдан Орунтаевдин тапшырмасы менен шаардагы көйгөйлүү объектилер иликтенип, системалуу иштерден кийин документтери тапшырылууда.

Алардын бири Бишкек шаарынын Огонбаев көчөсү, 222 дарегиндеги көп кабаттуу турак үйдүн документтери ээлерине берилди. Бул объекттин башкы подрядчысы “Би-Старт” ЖЧК-сы болгон. Компания тарабынан көп кабаттуу объектинин тиешелүү документтери таризделбей, расмий пайдаланууга берилген эмес. Мындан улам, жашоочулар 15 жылдан бери мүлктү өз атына каттай албай, документ иштеринде кыйынчылыктар жаралып келген. Ошондой эле көп жылдан бери турак үйдүн жашоочулары коммуналдык кызматтарды өнөр жай тарифинде төлөп келген. Министрдин тапшырмасы менен мурдагы жатакананын багыты турак үйгө алмаштырылып, 97 батирлүү турак үйдүн пайдаланууга берүү актысы тапшырылды.



## ТАШ-РАБАТ САРАЙЫ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРИЛЕТ

Ат-Башы районунда жайгашкан, орто кылымдарга таандык Таш-Рабат кербен сарайын калыбына келтирүү иштери башталды. Долбоор “Байыркы тарых сырлары” мамлекеттик программасынын алкагында ишке ашырылууда. Маданият министрлиги тарыхый жайда акыркы реставрация иштери дээрлик жарым кылым мурун жасалганын билдирди. Эске салсак, былтыртан бери Таш-Рабат Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин карамагына алынган. Ага чейин бул жер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына баш ийип келген.



**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫН МАНАС ШААРЫ ДЕП КАЙРА АТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 10-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаары Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Манас шаары деп кайра аталсын.
**2-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-сентябры, №200***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ПЕРЕИМЕНОВАНИИ ГОРОДА ДЖАЛАЛ-АБАД ДЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В ГОРОД МАНАС

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 10 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Переименовать город Джалал-Абад Джалал-Абадской области Кыргызской Республики в город Манас Джалал-Абадской области Кыргызской Республики.
**Статья 2**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 17 сентября 2025 года, №200***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫНА КАРАШТУУ ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН ЖАНА АЙДООЧУЛУК КУРАМДЫ КАТТОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК БОРБОР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча жаңы, көп функциялуу жана натыйжалуу мамлекеттик уюмду түзүү, мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн шарттарын жакшыртуу жана транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбор (мындан ары – Мамлекеттик борбор) деп кайра аталып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын карамагына өткөрүлүп берилсин.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы автомототранспорт каражаттарын, өзү жүрүүчү технологиялык машиналарды, тракторлорду, стационардык технологиялык түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо, кайра каттоо, квалификациялык экзамендерди өткөрүү жана кабыл алуу, транспорт каражаттарын башкаруу укугуна айдоочулук күбөлүктөрдү жана өзү жүрүүчү технологиялык машиналарды башкаруу укугуна тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү, Кыргыз Республикасынын айдоочулук күбөлүктөрүн жекелештирүү, транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо боюнча окутуу уюмдарынын (автомектептердин) ишин лицензиялоо, транспорт каражаттары үчүн мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди даярдоо жана цифралардын же/жана тамгалардын өзгөчө айкалышындагы мамлекеттик каттоочу номердик белгилерди, ошондой эле автотранспорт каражаттарына ысымдуу номердик белгилерди сатуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат деп;

2) Мамлекеттик борбор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин укук улантуучусу болуп саналат деп;

3) бул Жарлыкты ишке ашыруу бекитилген штаттык сандын жана мамлекеттик органдар үчүн тиешелүү жылга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөт деп.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы:

1) Мамлекеттик борборду юстиция органдарында каттоону жүргүзсүн;

2) Мамлекеттик борбордун жобосун, түзүмүн, штаттык расписаниесин жана штаттык санын бекитсин;

3) ушул Жарлыктан келип чыгуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизсин;

4) Мамлекеттик борборго жүктөлгөн жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызматтарды үзгүлтүксүз көрсөтүүнү камсыз кылсын;

5) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

2) ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-сентябры, №259***

## МАМЛЕКЕТТИН ЖАРАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРҮНҮН БИРДИКТҮҮ АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА ИШКЕ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү, мамлекеттин жарандар менен өз ара эсептешүүлөрүнүн айкындыгын жана натыйжалуулугун жогорулатуу, санариптик финансылык чечимдердин жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** "Элдик Банк" ачык акционердик коомуна мамлекет менен жарандын өз ара эсептешүүлөрүнүн натыйжалуу механизмин камсыз кылган бирдиктүү төлөм инфраструктурасын түзүүнү эске алуу менен "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу өз ара эсептешүүлөрдүн бирдиктүү автоматташтырылган системасын иштеп чыгуу сунуштальсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө ушул Жарлыкты натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылган бардык зарыл уюштуруу, ченемдик жана техникалык чараларды көрсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына зарыл болгон учурда ушул Жарлыкты ишке ашырууга багытталган Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталсын.

**4**. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-сентябры, №261***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 27-МАРТЫНДАГЫ №161 "ЖАРАНДЫК АБАЛДЫН АКТЫЛАРЫН МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО ЖӨНҮНДӨ КҮБӨЛҮКТӨРДҮН ТҮРЛӨРҮН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Жарандык абалдын актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27-мартындагы №161 "Жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн түрлөрүн бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1, 2-тиркемелери ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу тийиштүү чараларды көрсүн.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-сентябры, №583***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 23-ИЮНУНДАГЫ №407 "ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН, ТҮЗҮЛҮШТӨРДҮ ЖАНА ЖАБДУУЛАРДЫ КАТТОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-мартындагы №83 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана бюрократиядан арылтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 "Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринде:

– $21^1$-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"$21^1$. Каттоо иш-аракеттерин жүргүзүүдө транспорт каражатын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо документтеринде жана менчик укугун күбөлөндүрүүчү башка документтерде камтылган маалыматтарга шайкеш келүүсү боюнча сыртынан кароо жүргүзүлөт. Транспорт каражаты мурунку катталган же кайра катталган учурдан тартып 24 сааттын ичинде кайра катталган учурда кайрадан сыртынан кароо жүргүзүлбөйт.";

– 32-пункттун онунчу абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 60-пункттун төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-сентябры, №580***

САМАЛЫК

Саламаттык сактоо министрлигинин бюджеттик саясат жана финансылык талдоо башкармалыгынын жетектөөчү адиси **Сүйүнбек уулу ШЕР:**

# "УЛУТТУК МАКАМДАГЫ ООРУКАНАЛАР КӨЧҮРҮЛӨТ"

***Бишкектин четине мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарын бириктирген көп профилдүү заманбап медициналык шаарча курулат. Буга багытталган "Медициналык шаарчаны куруу боюнча долбоорду ишке ашыруу жөнүндө" Жарлыкка август айында Президент Садыр Жапаров кол койгон. Анын алкагында калкка комплекстүү жана борборлоштурулган медициналык кызмат көрсөтүүгө шарт түзүлөт. "Медициналык шаарча" долбоору аяктаса, Бишкек шаарындагы "Улуттук" макамдагы башкы ооруканалар этап-этабы менен жаңы шаарчага көчүрүлөт. Бул тууралуу Саламаттык сактоо министрлигинин жетектөөчү адиси Сүйүнбек Шер уулу менен маектештик.***



**– Шер мырза, "Медициналык шаарча" долбоорунун курулушу качан башталат?**

– Бул долбоор Өлкө башчысы Садыр Жапаровдун атайын Жарлыгынын алкагында ишке ашууда. Мамлекет саламаттык сактоонун инфраструктурасын масштабдуу модернизациялоону жана интеграциялоону максат кылууда. Ушу тапта долбоордун документтик иштери даярдалуу этабында. Долбоордун баштапкы даярдыктарын көрүү үчүн 6 ай убакыт берилген. Бул долбоорду жетектөө жана "Медициналык шаарчанын" курулушун координациялоо ишин Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы жүргүзөт. Ал эми долбоорду аяктоо мөөнөтү 2 жыл деп белгиленген.

**– Негизинен Бишкекте жалпы канча оорукана имараттары бар?**

– Кыргызстан боюнча оорукана имараттарынын саны 2070ти түзөт. Анын 164ү Бишкекте жайгашкан. Бул ооруканалардын басымдуу бөлүгү 1950-80-жылдары салынган. Тагыраагы, имараттардын эскилиги эбак жеткен.

**– Жаңы "Медициналык шаарча" Бишкектин кайсы жерине курулат?**

– Бишкектин түштүк-батыш тарабындагы Кара-Жыгач конушундагы 106 гектар жерге курулат. Шаарча салынат деген жер калктуу конуш эмес. Буга чейин айыл чарба багытындагы жер болуп эсептелген. Санитардык нормалар боюнча ооруканалар калк жашаган аймактан алыс болушу зарыл. Ушу тапта Бишкек мэриясы аталган жердин документтеринин трансформация боюнча иштерин аткарууда.

**– Шаарчага кайсы ооруканалар көчүрүлөт?**

– Бишкектеги бардык ооруканалар көчүрүлбөйт. Мисалы, ооруканалар 3 деңгээлге бөлүнөт. 1-деңгээлге калкка кызмат көрсөткөн бейтапканалар кирет, 2-деңгээлди шаардык, райондук макамдагы ооруканалар түзөт. Ал эми 3-деңгээл болсо бул "Улуттук" макамы бар ооруканалар болуп эсептелет. Медициналык шаарчага мына ушул 3-деңгээлдеги "улуттук" макамдагы айрым ооруканалар көчүрүлөт. Шаарчага көчүрүлө турган ооруканалар Улуттук госпиталь, Республикалык оорукананын карамагындагы терапия борбору, М.Миррахимов атындагы улуттук хирургия борбору, Улуттук кардиология борбору жана Республикалык психиатрия жана наркология ооруканасы көчүрүлөт. Мисалы, Ахунбаев-Жусуп Абдрахманов көчөлөрүнүн кесилишинде орун алган Улуттук фтизиатрия борборунун имараты курулган жылдары шаардын чет тарабы болуп эсептелип келсе, шаардын кеңейгенине байланыштуу бүгүн аталган оорукана шаардын борбордук бөлүгүндө турат. Буга байланыштуу аталган борбор да көчүрүлөт. Бул шаарча толугу менен борборлоштурулат, көп профильдүү болот. Негизинен 3-деңгээлдеги башкы ооруканаларга бейтаптар региондордон көп келишет эмеспи. Бейтаптар убара болбой, бардык медициналык кызматты бир жерден гана алып кетүүгө шарт түзүлөт. "Медициналык шаарча" аяктаса, ооруканалар этап-этабы менен көчүрүлөт.

**– Ал эми Бишкек шаарынын калкына медициналык кызмат көрсөткөн ооруканаларчы?**

– Бишкек шаарынын калкына кызмат кылган ооруканалар өз ордунда эле калып, кадимки режимде иштей берет. Жарандар арасында маалыматтардын жетишсиздигинен улам жаңы медициналык шаарчага 8 км жол жүрүп, шаардын аркы четине жетүү оор деген пикирлер бар. Бул боюнча анализ жүргүзүлгөн. Анткени, борбордогу шашылыш, тез кызмат көрсөткөн ооруканалар ордунда эле иш алып барышат. Бишкек шаардык "Тез жардам борбору" көчпөйт. Республикалык Инфекциялык оорукана да өз дарегинде иштей берет. Ушу тапта аталган оорукананы кеңейтүү үчүн кошумча имараттар курулууда. Ошондой эле "Эне жана баланы коргоо" Улуттук борбору, Улуттук Онкология жана гематология борбору да көчүрүлбөйт. Аны менен катар шаардагы төрөт үйлөрү өз нугунда иштейт. Негизинен өлкө боюнча калкка кызмат көрсөтүүнү жогорулатуу, өзгөчө аймактык ооруканаларды жаңылоо, заманга шайкеш келтирүү багытында иштер аткарылып жатат. Бүгүнкү күндө республика боюнча 34 объекттин курулушу кызуу жүрүүдө.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

КӨРГӨЗМӨ



# ЖАН ДҮЙНӨМ МЕНИН ЫРДАГАНДА...



Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейинде белгилүү сүрөтчү, панно, живопись жана колдонмо искусство чебери Нурбек Жолбуновдун «Жан дүйнөм менин ырдаганда» аталышындагы китеп-каталогунун бет ачар салтанаты өттү. Буга чейин жаратман инсандарды колдоо максатында "40 район–40 китеп" адабий сынак уюштурулуп, КРнын эл жазуучулары, филология илимдеринин докторлорунан түзүлгөн калыстар тобу 2024-жылдын жыйынтыгы менен алты авторду жеңүүчү деп табышып, анын катарында Нурбек Жолбуновдун "Жан дүйнөм менин ырдаганда" китеп-каталогу жарык көргөн. Нурбек Жолбунов сүрөтчүлөр союзунун жана кол өнөрчүлөр коомунун мүчөсү. Ч.Айтматов жана Ж.Үмөтов атындагы эл аралык сыйлыктардын лауреаты. Ал көп жылдар бою республикалык жана эл аралык көргөзмөлөргө катышып, чыгармачылык ар түрдүүлүгү, улуттук маданий мурастарды жаңыча чечмелеген чыгармалары менен өзгөчөлөнгөн. Министрлик тарабынан жарык көргөн китеп-каталог сүрөтчүнүн улуттук маданий баалуулуктарга болгон терең урматын жана заманбап философиялык ой жүгүртүүсүн көркөм тил менен айкалыштырып чагылдырган. Живопись, графика жана жасалга-колдонмо искусствосунун мыкты үлгүлөрү чогултулган. "Манас" эпосуна жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына арналган автордук иштерге өзгөчө орун берилген. Байыркы "чий" техникасындагы чыгармалар аркылуу кыргыздын салттуу көркөм мурастары жаңыртылган. Аталган көргөзмө жана китеп-каталог кыргыз искусствосунун бир кылымдык өнүгүүсүн жана улуттук идентүүлүгүн чагылдырган маанилүү чыгармачыл жыйынтык болуп калды. Иш-чара жаш сүрөтчүлөргө шыктануу тартуулап, улуттук көркөм өнөрдүн жаңы багыттарын ачууга өбөлгө түзөт деп ишенебиз.



**АРЗЫГҮЛ КУТУЕВА, искусство таануучу:**

**"ЖОЛБУНОВ УЛУТТУК МУРАСТАРГА ТАЯНАТ"**

- Нурбек Жолбунов кыргыз көркөм сүрөт искусствосунда өзгөчө орду бар өнөр ээси. Бүгүнкү көргөзмөдө анын көп жылдык эмгектери коюлган. Басымдуусу чий чырмоо ыкмасында иштелген. Ал узак убакытты жана мээнетти талап кылат. Унутта калып бараткан чий өнөрүн жандандырып, жаштарга таанытып, бул өнөрдү жайылтууга чоң салымын кошуп жатат. Анын чыгармачылыгы жалаң гана кол өнөрчүлүк эмес, заманбап искусствонун форматында терең маанилүү эмгектери бар. Идея жактан Жолбунов негизинен улуттук мурастарга таянат. Кыргыздын улуттук баалуулуктарын чыгармаларында символикалар аркылуу, композициялык өзгөчө ыкмалар аркылуу чагылдырат.



**ИШЕН ЧАЛАНОВ, Кыргыз эл сүрөтчүсү:**

**"АВТОР ТАМЫРЫБЫЗДЫ УНУТПАЙЛЫ ДЕП ҮН КАТУУДА"**

- Жакшы иш-чара болуп жатат. Себеби, мындай саамалык дайыма эле боло бербейт. Өзүбүздүн улутубузга мүнөздүү, заманбап жашоодо жашап жаткан убакта ушундай көргөзмө өткөрүү ар бир чебердин колунан келе бербейт. Бул жерде ата-бабадан бери келе жаткан жүндү, чийди, таштарды, чүкөнү, сөөктү, таканы пайдаланган. Буларды карап отуруп өтүп кеткен доордун жашоосу элестелет. Автор ошонун бардыгын эскерип, тамырыбызды, тарыхыбызды унутпайлы деп үн кагып жатат деп ойлойм.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

## 2025-ЖЫЛДЫН 21-ИЮЛУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН МОНГОЛИЯНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ УЛУТТУК АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮКТӨРДҮ ӨЗ АРА ТААНУУ ЖАНА АЛМАШУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, “Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 21-июлунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Монголиянын Өкмөтүнүн ортосундагы Улуттук айдоочулук күбөлүктөрдү өз ара таануу жана алмашуу жөнүндө макулдашуу бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик жогоруда аталган Макулдашууну ишке ашыруу үчүн жооптуу болуп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги монгол тарапка аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 16-сентябры, №584***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН АК-КУДУК АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Ак-Кудук айыл аймагында өнөр жай объектисин (“Кант” кызылча кабыл алуу пунктун) куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 6-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 21-июлундагы №01-12/1264 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 17-июлундагы №29 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Ак-Кудук айыл аймагындагы №909 контурда жайгашкан, “Кошой” ачык акционердик коомунун менчигинде турган, жалпы аянты 6,16 га сугат айдоо жер тилкеси “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2**. Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркын төлөөнү;

2) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

5) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

6) өздүк каражаттарынын эсебинен аймактын жашоо- тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү уюштурууну;

7) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык тарыхый- маданий мурас объекттерин күтүүнү жана коргоону, көрсөтүлгөн жер тилкесинде казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө археологиялык көзөмөл жүргүзүү үчүн адис-археологду тартууну;

8) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аларды алып коюуну жана баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

9) “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолунун бөлүнгөн тилкесин сактоону;

10) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-сентябры, №588***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АСЫЛ ТУКУМ ЖЫЛКЫ ЧАРБАСЫНЫН ИШИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын натыйжалуу ишин камсыз кылуу, Кыргыз Республикасында асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу “Этномаданиятты, ат-спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борбору” мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу “Асыл тукум жылкы чарбасынын мамлекеттик холдинги” мамлекеттик мекемеси деп кайра аталсын.

**2**. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматынын алдындагы “Кыргызмамасылтукумзаводу” мамлекеттик ишканасынан Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу “Асыл тукум жылкы чарбасынын мамлекеттик холдинги” мамлекеттик мекемесинин карамагына бардык укуктары жана милдеттери, тийиштүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен төмөнкүлөр өткөрүп берилсин:

1) Ош облусу, Ноокат району, Көк-Бел айылы, Исанов көчөсү дарегинде жайгашкан “Көк-Бел” мамлекеттик асыл тукум заводу” филиалы;

2) Нарын облусу, Нарын району, Эмгек-Талаа айылы, У. Абдразаков көчөсү, 81 дарегинде жайгашкан “Нарын” мамлекеттик асыл тукум заводу” филиалы;

3) Талас облусу, Талас району, Талды-Булак айылы, Турду аке көчөсү, 17 дарегинде жайгашкан “Талас” мамлекеттик асыл тукум заводу” филиалы.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттун жыйырма алтынчы абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**4**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги | 5878 | 975 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 134 | 21 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 163 | 43 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 5581 | 911 |

”.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун $10^3$-тиркемеси күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун 1-пунктчасындагы “1–$34^5$-тиркемелерге” деген сөздөр “1–$34^6$-тиркемелерге” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакциядагы $34^6$-тиркеме менен толукталсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-мартындагы №98 “Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 6-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 20-пунктча менен толукталсын:

“20) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу “Асыл тукум жылкы чарбасынын мамлекеттик холдинги” мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 32, 33-тиркемелерге ылайык.”;

2) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

3) ушул токтомдун 3, 4-тиркемелерине ылайык редакциядагы 32, 33-тиркемелер менен толукталсын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27-январындагы №39 “Ветеринария, өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбасы чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 8-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу “Асыл тукум жылкы чарбасынын мамлекеттик холдинги” мамлекеттик мекемесине 1 561 977 (бир миллион беш жүз алтымыш бир миң тогуз жүз жетимиш жети) сом өлчөмүндө акча каражатын бөлсүн;

2) ушул токтомдун аткарылышы жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетине берсин;

3) “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү эске алсын.

**10.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги белгиленген тартипте:

– жогоруда аталган мекемени Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде мамлекеттик кайра каттоодон өткөрсүн;

– ушул токтомдон келип чыгуучу толук чараларды көрсүн.

**11.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы №326 “Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу “Этномаданиятты, ат-спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борбору” мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруу жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 17-октябрындагы №624 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 1-пункту.

**12.** Функцияларды жана штатты өткөрүп берүүдө тиешелүү кызмат орундарын ээлеген кызматкерлер Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык функцияларды аткаруу үчүн которулууга (ротацияланууга) тийиш деп белгиленсин.

**13**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**14**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-сентябры, №586***



# КУРЬЕРЛИК КЫЗМАТ МЕНЕН КОШТОЛГОН КЫРСЫКТАР

Акыркы жылдары Бишкектин көчөлөрүндө мотоцикл айдаган курьерлердин саны кескин көбөйдү. Тамак-аш жеткирүү, почта кызматтары же башка чакан заказдар — жаштардын күнүмдүк киреше табуусунун бир булагына айланды. Бирок бул кесип алардын өмүрү менен коопсуздугуна олуттуу коркунуч жаратып жатканын статистика жана соңку окуялар далилдеп турат.

Курьер кесиби дүйнөдө жаңы нерсе эмес. Байыркы замандарда почтаны жеткирүү үчүн атты минип кат ташыган чабармандарды “курьер” деп аташчу. Орто кылымдарда Европада падышалык кат ташуучулар өзгөчө макамга ээ болуп, мамлекеттик жашыруун маалыматтарды да жеткиришкен.

XX кылымда шаарлар чоңойгон сайын велосипед жана мотоцикл менен жеткирүү кызматтары калыптанды. Айрыкча Японияда жана Европа өлкөлөрүндө 1960–70-жылдары шаар ичиндеги экспресс-жеткирүү кызматы кеңири өнүккөн.

Кыргызстанда болсо курьердик кызмат негизинен 2000-жылдардын башында интернет-дүкөндөрү, товар жеткирүү компаниялары аркылуу жайыла баштаган. Бирок чыныгы “бум” пандемия жылдарында жаралды. Себеби ошол кезде Бишкекте адамдардын көбү үйдөн чыкпай, тамак-аш жана буюмдарга заказ берүүнү аргасыз адатка айландырышкан эле. Ошондон бери Бишкекте жана башка шаарларда көптөгөн кызматтар ачылып, учурда миңдеген жаштар бул иш менен алектене баштады.

Өзгөчө бүгүнкү күндөрдө мотоцикл айдап курьер болуп иштөө, студенттер жана жумуш таба албай жүргөн жаштар үчүн киреше табуунун эң тез жана салыштырмалуу оңой жолу болуп калды. Себеби, орто эсеп менен алганда курьер болуп иштеп, саатына 150–200 сомдон киреше таап, күнүнө 1500–2000 сомго чейин акча табуу мүмкүнчүлүгү бар экен. Бирок, жаштарды азгырган бул жумуштун, кирешенин артында учурда күнүнө бир нече жол кырсыгы катталып, башы жеңил жаракат алуудан, аягы өлүмгө чейин жеткен окуялар болуп жатканы коомчулукка жашыруун эмес.

**ИИМдин Жол кыймылы коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын маалымат кызматынын жетекчиси Байказы Айтикул уулу былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу быйыл жол кырсыктары көбөйгөнүн билдирген.** Жыл башынан бери мотоскутер, мопеддердин катышуусунда 61 жол кырсыгы катталып, анын кесепетинен 67 жаран жаракат алган. Тилекке каршы, үч айдоочу каза болгонун Байказы Айтикул уулу маек куруп жатып билдирди. Анын айтымында, 10-15 жыл мурда мындай транспорттор кабылган жол кырсыктары чанда гана катталчу.

«Рейд учурунда мотоскутер, мопед айдагандардын көпчүлүгү айдоочулук күбөлүгү жок өспүрүмдөр менен чет элдик студенттер экенин байкап жатабыз. Алар жол эрежесин бузган учурда түшүндүрүү иштери менен гана чектелебиз. Анткени скутерлердин айдоочуларын жоопкерчиликке тартуу мыйзамда жок. Мындан улам ИИМ Укук бузуу кодексине жана жол кыймылы эрежесине бир топ толуктоолор менен өзгөртүүлөрдү киргизди. Бирок ал бүгүнкү күндө башка мамлекеттик кызматтар менен макулдашууга жөнөтүлгөн. Анда моторунун көлөмү 25 кубдан 50 кубга чейинки скутер, мопеддердин айдоочуларына кошумча М категориясын берүүнү сунуштаганбыз. М категориясын алыш үчүн айдоочу автомектептерде окушу керек. Ошондой эле курагы 17 жаштан жогору болуусу кажет», — дейт Байказы Айтикул уулу. Ал ошондой эле эгер мыйзам кабыл алынса аталган транспорт каражаттарынын айдоочулары жол коопсуздугунун эрежелерин бузган учурда жоопкерчиликке тартыларын кошумчалаган.

Шаардын тыгыз жол кыймылы, жол эрежесин сактабаган айдоочулар, түнкү жеткирүүлөрдө чарчоо жана айрым учурда коопсуздук жабдууларын колдонбоо – кырсыктардын негизги себептери болуп саналат.

Медициналык жардам көрсөтүүчү ооруканалар да акыркы жылдары “мотоцикл травмасы” менен кайрылгандардын көбөйгөнүн айтышат. Негизинен баш сөөк жана бут-кол жаракаттары менен кайрылгандар көп кездешет.

**24 жаштагы Атай (аты өзгөртүлгөн),** 3 жылдан бери жеткирүү кызматында иштеп келет, кыскача сурамжылоо жүргүзгөн учурда ал өз жумушу боюнча:

“Кээде түнү менен иштеп, таңга жуук чарчап калабыз. Бизде көпчүлүк шлем кийбей коюшат, себеби ыңгайсыз же тезирээк жеткириш керек болот. Заказды убагында жеткирбесең айып салышат. Ошол эле учурда шаардагы жолтыгындар да курьерлер үчүн чоң көйгөй. Кээде айыппул төлөөдөн качып, эрежени бузууга да мажбур болосуң” дейт. Анын айтымында, жумуш берүүчүлөрдүн башкы талабы – буйрутманы тез жеткирүү.

Коомчулуктун пикиринде, курьерлик кесиптин кеңири жайылышы өлкөдөгү жумушсуздуктун жана аз кирешелүүлүктүн айынан болуп жатат. Жаштардын көбү күнүмдүккө акча таап, окууга же үй-бүлөсүнө жардам берүүгө аракеттенишет. Бирок бул “көчөдөгү эмгектин” баасы кээде алардын ден соолугунун наркы, өмүрү менен да өлчөнөт.

Ал эми экономикасы менен маданияты эбак өнүккөн дүйнөнүн айрым жерлеринде курьерлердин жашоосу жана коопсуздугуна кандай деңгээлде көңүл бурулганына баам сала келсек, Япония мотоцикл жана велосипед менен жеткирүү тармагын эң коопсуз уюштурган өлкөлөрдүн бири болуп эсептелет. Японияда курьерлер үчүн атайын лицензия жана окутуу курстары талап кылынат. Шлем, чырак жана коргоочу кийимдер милдеттүү түрдө компания тарабынан берилет. Жол кыймылынын маданияты жогору болгондуктан, мотоцикл айдоочулар менен автоунаа айдоочулар бири-бирине жол беришет. Ошондуктан Японияда мотоцикл катышкан кырсыктардын үлүшү Европага жана Азиянын башка өлкөлөрүнө салыштырмалуу бир топ аз. Ал эми Индияда шаарлардын тез өнүгүшү менен тамак-аш жеткирүү кызматтары да кеңири тараган. Бирок көчөлөрдүн тардыгы, тыгындар жана жол эрежесинин көп бузулушу курьерлер үчүн чоң коркунуч жаратат. 2023-жылы Дели жана Мумбай сыяктуу мегаполистерде мотоцикл айдоочулардын 30%дан ашыгы жол кырсыгына кабылганы тууралуу маалымат чыккан. Аларда курьерлердин көбү жумуш берүүчүлөрдөн коргоочу жабдууларды албайт, өздөрү сатып алышы керек болот. Мындай шартта курьерлик Индияда «арзан жумуш күчү» катары калып, көп жаштардын өмүрү тобокелге салынып келет. Учурда Бишкектеги “арзан” жумушчу күчтүн дээрлик басымдуу бөлүгүн түзүп жаткан индиялык жана пакистандык жаштардын көпчүлүгү да тил билбегендигине карабай курьерлик кызматтарда иштеп жаткандыгын байкоого болот. Ошондой эле Европа тарапты алсак, Германия, Франция жана Нидерланд сыяктуу өлкөлөрдө курьердик кызматтар мыйзам тарабынан катуу жөнгө салынган. Курьерлерге эмгек келишимдери, социалдык камсыздандыруу, медициналык камсыздандыруу каралган. Коопсуздук үчүн атайын электр-велосипеддер жана скутерлер колдонулат. Алардын ылдамдыгы чектелген. Жолдордо атайын велосипед жолдору бар, бул курьерлерди автоунаа кыймылынан бөлүп турат. Ошондуктан Европада курьерлердин кырсыкка кабылуу деңгээли Азия өлкөлөрүнө салыштырмалуу төмөн. Москва, Санкт-Петербург жана Алма-Ата сыяктуу шаарларда курьердик кызматтар пандемияда кескин көбөйгөн. Курьерлер көп учурда айлыксыз, заказга жараша акы алып иштешет. Коопсуздук жабдуулары ар дайым берилбейт, көбүнчө өз эсебинен сатып алышат. Кырсыктар өтө көп катталганына карабастан, курьерлерди коргоо боюнча мыйзамдык негиз али жетишсиз.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, өнүккөн өлкөлөрдө (Япония, Европа) курьерлердин коопсуздугу мыйзам жана социалдык кепилдик аркылуу камсыздалат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө (Индия, Кыргызстан, Казакстан) курьерлер тез киреше тапканы менен, коопсуздугу дээрлик корголбойт.

Демек, учурда жеткирүү компанияларынын жоопкерчилигин күчөтүү багытында коопсуздук жабдуулары (шлем, чырак, атайын кийим) менен сөзсүз камсыздоого милдеттендирүү, жол кыймылынын маданиятын жогорулатуу, айдоочулар менен мотоцикл айдоочуларды өз ара урматтоого үйрөтүү жана жакынкы жылдар аралыгында жаштарыбыз үчүн альтернативдүү жумуш орундарын түзүү зарыл. Курьер кесиби дүйнөдө миңдеген жылдар мурун почтаны ташыган чабармандардан башталып, бүгүн Бишкектин көчөлөрүндө жаштардын негизги киреше булагына айланганы менен, ошол эле учурда бул кесип алардын өмүрүнө, ден соолугуна чоң коркунуч келтирип жатат. Жаштар – биздин келечегибиз, жаштар – биздин эртеңибиз деп канча ирет төш какканыбыз менен, эгер бүгүн бул көйгөйгө чара көрүлбөсө, эртең жаштардын өмүрүн алган кырсыктардын саны дагы көбөйүшү мүмкүн...

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

## ЖАҢЫЛЫКТАР

### БОРБОРГО 6 млн СОМ БӨЛҮНДҮ

Бишкек шаарындагы Зордук-зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабыркаган балдарга жардам берүү борборунан жыл башынан бери борбордон 128 бала колдоо алды. «Ишеним телефонуна» 135 чалуу түштү, 445 психологиялык кеңеш, ошондой эле 38 бала үчүн 49 реабилитациялык сабак өткөрүлгөн. Бул мекеме балдарга психологиялык, социалдык жана юридикалык колдоо көрсөтөт. Социалдык кызматтарды көрсөтүүдө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн Бишкек мэриясы аталган мекеменин капиталдык оңдоо ишине 6 миллион сом бөлгөн. Борбор 2011-жылдан баштап иштей баштагандан бери капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн эмес. Учурда электр жабдуулары алмаштырылып, радиаторлор орнотулуп, полдун жабдуулары толугу менен алмаштырылып, эшик блоктору орнотулууда.

### ЧУРКОО МАРАФОНУ ӨТТҮ

Борбор калаанын «Ала-Тоо» борбордук аянтында 21-сентябрда Bishkek Snow Leopard Run 2025 empowered by Visa эл аралык кайрымдуулук марафону өттү. Бул спорттук иш-чара Бишкекте алтынчы ирет уюштурулууда. Иш-чараны Nomad Sport коомдук бирикмеси Бишкек шаарынын мэриясынын Дене тарбия жана спорт, туризм жана жаштар менен иштөө департаменти биргеликте уюштурууда. Катышуучулар 5 км, 14 км, 21,1 км жана 42,2 км аралыкты тандашат. Ал эми балдар үчүн 100, 300, 500 метр жана 1 км аралык бар. Марафон борбордун негизги көчөлөрү: Чүй проспектиси, Ж. Абдрахманов көчөсү, Ч. Айтматов проспектиси жана башка белгилүү жайлар аркылуу өттү. Башкы старттык аймак — «Ала-Тоо» аянты, ал эми 5 км аралыктагы чуркоо «Манас» кинотеатрынын алдынан (Ч. Айтматов проспектиси, 47а) башталат.



**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КЕНГЕ БАЙ – КЕҢ ЖУМГАЛЫМ

## Жумгал районундагы Чаек айыл өкмөтүнүн башчыс

# “ЖАҢЫ ДОЛБООР ҮСТҮНДӨ ИШТЕШИП



**- Таалай Исмаилович, айыл аймагыңыз райондун борбору болгондуктан башка айыл аймактарына салыштырмалуу келген да, кеткендер да көп. Байкаганым аралап жүргөн чет элдик туристтердин катары эми-эми гана бириндеп баратыптыр. Жайдын толукшуп турган учурунда алыстан ат арытып келген эл, айрыкча туристтер дурус болгонун, суктандырган тоо койнунда черлерин жазып, жарык маанайда кеткендерин, кайрылып кайра да келишерин айтып жатасыздар. Демек, борбор айыл аймагынын ажарын ачкан курулуштарды курууга бел байлап жатканыңыздар бекеринен эмес.**

- Албетте, алыстан келген чет элдиктердин базарлап жүргөнүн көргөнүбүздө дүйнө элине жакшыраак жактарыбыз менен белгилүү болсок, тамшанып көргөн-билгендерин айтып барышса деген ниет болбой койбойт. Асман тиреген тоолорубуз, шаркырап аккан дарыяларыбыз, абасы аңкыган табиятыбыз, кимди да болсо касиети менен магниттей тарткан Соң-Көлүбүз баш болгон көлдөрүбүз, суусунду эле кандырбастан ден соолукту чыңдаган минералдык сууларыбыз, деги койчу, табият тартуулаган кереметтерибиз кемибес кенчибиз. Тилекке каршы, борбордук соода борборлору, базарыбыз, мейманкана жана башка тейлөө жаатында шарт-жагдайларыбыз ачык айтканда, анча жараша бербейт. Демек, борбордук Чаек айыл аймагынын айрыкча тейлөө чөйрөсүн, кочөлөрүн заманбап шартка ылайыктап түп тамырынан жаңыртуу маселеси бышып жетилди. Мындан ары күтүүгө болбойт, кечтик кылат.

Биринчи кезекте Шортон аймагында мал базарды куруу иши башталды. Чынында мал базардагы башаламандыктар талапка жооп берген эмес. Алуучулар да, сатуучулар да ыңгайсыз шарттан жапа чегип келишкен. Мына эми заманбап шартта соода кылсак деген элдин, малчы-фермерлердин тилеги орундалууда. Мал базарда бардык заманбап шарттар шай болот. Бардык кызматтар так аткарылат. Заманбап мал базарын баш кылып куруу үчүн МСОнун жеринен 1,8 гектар жер бөлүнүп алынган. Долбоорлору түзүлүп, экспертизага берилген. Муниципалдык ишканаларды куруу максатында Республикалык бюджеттен каржылануудa. 4 миллион 500 миң сом каралган. Курууиштерине күч берүүчү заманбап зор техниканы сатып алдык.

Учурда кайда гана барбайлы, куруу иштери кулач жайган. Айрыкча жеке ишкерлердин иштери илгерилеп жатат. Мейманкана, ресторан баш болгон тейлөө жана эс алуу жайлары байма-бай ачылууда. Андыктан курулуш материалдарына болгон муктаждык тереңдеди. Заманбап курулуш материалдарын сатуучу соода борборун курууга да кезек жетти. Бул курулуш соода борборунун куруу иштерине 5 миллион сом сарпталат.





Ар дайым иштин жүрүшүнө көз салып, кеңешин берет

## Таалай КҮЧМУРАТОВ:

# ЛОРДУН ЖАТАБЫЗ”





*Ата Мекендик өндүрүш өнүгүү жолунда*

“Кыргыз элинде эмне көп? Той жана автожорголор көп” деген сөздүн төгүнү жок. Ар бир үйдө кеминде үчтөн жеңил автомашина турат. Бирин уулу минсе, бирин келини же кызы минип, мал базар кандай казанында кайнап жатса, автобазар да алынча казанында кайнап жатат. Болгону аттиң автобазар Чаекте оң жолго коюла элек. Андыктан мал базардан кем калбаган заманбап автобазар куруу сааты да минтип келип жетти.

Мына ушул узун тизме куруluштардын курулуп бүткөндөгү архитектуралык элестерин көз алдыңызга келтирсеңиз. Албетте, керемет! Сулуу табиятыбызга суктанып келген чет элдик турист меймандарыбыз заманбап тейлөө борборлорубузга да тан беришип, жакшы таасирлер менен кетишип, кенге бай – кең Жумгалдын атагы алыска кетери турган иш! Борбору Чаек айыл өкмөтү көзгө көркөмү менен сүйкүмдүү көрүнүп, туризмдин желегин желбиртип кимди да болсо өзүнө тартып турса деген тилек. Максаттарыбызды иш жүзүнө ашырып алсак, кеткен мээнет жана эмгектерибиз экиүч эселенип кайтарылат.

Чаек айыл аймагында тазалыкка жана экологияга өзгөчө көңүл бурулууда. Учурда Кочкор райондук таштандыларды кайра иштетүүчү ишкана менен келишим түзүп, тыгыз кызматташууну баштадык. Таштандыларды мүмкүнчүлүктүрөбүздүн жетишинче сорттоп, ырааттап Кочкорго жеткирүүдөбүз. Бул убактылуу гана көрүнүш. Кочкорлуктардан кем калбаган таштандыларды кайра иштетүүчү цех ачуу эң башкы милдетибиз. Заманбап грейдер сатып алдык. Дагы заманбап техникаларды сатып алмакчыбыз. Таштанды ташталган полигонду иретке келтирүү колго алынган.

Кечээ жакында “Байзак суу» чакан ишканабыздын ачылышы болуп, мамлекеттик деңгээлде тушоосу кесилди. Сапаттуу минералдык сууларыбыз менен кандай сыймыктансак жарашат. Алгач өз элибизди минералдык ден соолукка пайдалуу суу менен камсыз кылуудабыз. Ичкендердин пикирлери жакшы. Буйруса жакынкы жана алыскы өлкөлөргө экспорттой баштайбыз, Мындай табигый байлыктарыбызды сарамжалдуулук менен пайдаланып, бактысын ачсак, албетте экономикабыз дагы жогорулайт. Ата мекендик өндүрүштү өркүндөтүү – өлкөнүн өнүгүүсүн өркүндөтүү менен барабар.

**- Мына ушул айтылган куруу иштери албетте илгерилейт. Башталган иштер аягына сөзсүз чыгат, чыгып да келатат. Аттиң демекчи, ал эми жан кыйнаган ден соолук маселесин кантип чечебиз?**

- Айтканыңызда калет жок. Алдыга койгон бардык куруу иштерибиз башталып, аягына чыгарууга багыт алдык. Буйруса жакын арада айтылган долбоорлорубуз боюнча курулуштар курулуп пайдаланууга берилет. Тилекке каршы ден соолук маселесин чечүү оорго турат экен. Ден соолук маселесине Президентибиз Садыр Нургожоевич Жапаров айрыкча көңүл бура баштады. Мисалы, бөйрөктөрүнөн жабыр тарткандар не деген азаптарды баштарынан кечирип келишти. Гемодиализ аркылуу бөйрөктү тазалоочу аппаратка кезекке тургандар көп болгондуктан, ошондой эле төлөө акысы да кымбат болгондуктан карапайым элдин үмүтү өчө баштаган эле. Мына эми жер-жерлерге гемодиализ аппараттарын жеткирүү колго алына баштады. Биздин айыл аймагында гемодиализ борбору ачылды. Бир жакшы жери, каржылык жагынан колунда бар адамдар да колдошууда. Жергиликтүү бюджеттин жардамы менен аталган борбор иштей баштады. Бөйрөктөрүн тазалатуу үчүн борборго аттанган оорулуулар үчүн жол кыскарды. Биздин тилек – оорулуулар жакшы болуп кетишсин. Ак халатчандардын мээнети текке кетпесин. Жана айтканымдай, куруу иштери менен ден соолукту куруунун айырмасы асман менен жердей. Ден соолукту сактоо татаал иш. Ден соолук – биринчи байлыгыбыз экенин унутпайлык. Ден соолук борборубуздун боосу бек болсун!

**Айчүрөк МАКЕШОВА**





*Жетекчинин жетеги менен ийгиликтер илгерилейт*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 22-ИЮНУНДАГЫ №353 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК КОРГОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ ОРГАНДАРЫНЫН ИШИНИН НАТЫЙЖАСЫНДА МАМЛЕКЕТКЕ КАЙТАРЫЛЫП АЛЫНУУЧУ АКЧА КАРАЖАТТАРЫН КИРИШТӨӨ ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын ишинин натыйжасында мамлекетке кайтарылып алынуучу акча каражаттарын чегерүүнү жана эсепке алууну тартипке келтирүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2020-жылдын 22-июнундагы №353 “Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана көзөмөлдөө органдарынын ишинин натыйжасында мамлекетке кайтарылып алынуучу акча каражаттарын кириштөө жана эсепке алуу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын укук коргоо жана көзөмөлдөө органдарынын ишинин натыйжасында мамлекетке кайтарылып алынуучу акча каражаттарын кириштөө жана эсепке алуу тартибинде:

– 6, 7-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“6. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун кайтарылып алынган каражаттарын эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан жүзөгө ашырылат.

7. 51 пайыздан ашык мамлекеттин үлүшү бар чарба жүргүзүүчү субъекттердин кайтарылып алынган каражаттарын эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан жүзөгө ашырылат.”;

– 9-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– жогоруда аталган Тартиптин 1-тиркемеси күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-сентябры, №585***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 1-МАРТЫНДАГЫ №999-VII ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН 2023-2025-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИКТИ МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-статьясына, “Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 1-мартындагы №999-VII токтому менен бекитилген 2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган Программанын 1-тиркемесинде:

– 1-глава төмөнкүдөй мазмундагы $8^2$-пункт менен толукталсын:

“

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| $8^2$ | “Айдан Фарма” ЖАК | 65,086 | 100,0 | 100,0 |

”.

**2.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 17-сентябры, №587***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 23-ИЮЛУНДАГЫ №520 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН КАЗЫНАЛЫК СИСТЕМАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕЛЕРИН ЭСЕПКЕ АЛУУНУ ЖАНА БӨЛҮШТҮРҮҮНҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ” ТОКТОМУН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Актуалдуулугун жоготкондугуна байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-июлундагы №520 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Казыналык системасында мамлекеттик бюджеттин кирешелерин эсепке алууну жана бөлүштүрүүнү жүргүзүү тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-сентябры, №589***

## ОАО МФК «ИнвесКор СА»

***Сообщает о проведении внеочередного общего собрания акционеров 10 октября 2025 года.***

**в 10.00 по адресу: г. Бишкек, ул. Коенкозова, д. 75, офис 3**

**Повестка дня:**

1. О счетной комиссии (обязательны организационный вопрос)
2. Об итогах размещения шестой эмиссии акций Общества.
3. О внесении изменений и дополнений в Устав Общества.
4. О государственной перерегистрации общества, в уполномоченных государственных органах, в связи с увеличением уставного капитала.
5. Об избрании внешнего аудитора Кампании на 2025 г. для аудита для аудита финансовой отчетности и информационных систем и определении размера оплаты его услуг.

**Начало регистрации акционеров 9:00 часов.**

С материалами к общему собранию акционеров можно ознакомиться в ОАО МФК «ИнвесКор СА» по адресу: г.Бишкек, ул.Коенкозова, д.75, офис 3.

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в общем собрании акционеров – 1 октября 2025 года.

Примечание: Акционерам иметь при себе паспорт, а представителям акционеров паспорт и доверенность - оформленную в соответствии с действующим законодательством КР.

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***Нусупова Жаңылга тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №507664 (26.12.2019-ж.) жогологондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-565

***Жунусова Жамила Бердибековнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31018531 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Абдыкадыров Арсен Эсенгелдиевичке тиешелүү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 26733579 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

п/п 193

***Шейшенова Асель Турдубековнага тиешелүү диплому сериясы CD 070110771 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Абдыразакова Лола Акматбековнага тиешелүү диплому сериясы ЛВ №115279 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б

## Департамент рыбопромышленного комплекса при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности КР (Организатор) объявляет о проведении конкурса по предоставлению в пользование водоемов и участка водоемов для организации рыбных хозяйств.

Юридическим и физическим лицам необходимо подать заявку Организатору конкурса по адресу: 720001, Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Киевская, 96-А, 6 этаж, 614 кабинет, телефон: 62-37-26.

1. Срок подачи конкурсных заявок до 20.10.2025 года, 6 этаж, 614 каб.

2. Дата заседания конкурсной комиссии по оценке конкурсных заявок планируется на 23.10.2025 года, 6 этаж, 621 каб. в 10.00 часов.

| № п/п | Лот № | Наименование водоема | Местонахождение водоема | Площадь водоема/ участка |
|---|---|---|---|---|
| **Чуйская область** | | | | |
| 1 | 028-25 | Водоем контур №504, 505 | Сокулукский р/н, Кайназаровский а/а, 42.940717, 74.355527 | 10,64 га |
| 2 | 029-25 | Водоем контур №265 | Московский р/н, Мин-Булакский а/а, 42.876374, 74.177461 | 1,6 га |
| 3 | 030-25 | Водоем контур №428, 397, 396, 390 | Мин-Булакский а/а, с. Садовое 42.873050, 74.152321 42.871569, 74.152377 42.866930, 74.152615 | 4,60 га |
| 4 | 031-25 | Водоем контур №326 | Московский р/н, с. Садовое, Мин-Булакский а/а, 42.867897, 74.177788 | 0,5 га |
| 5 | 032-25 | Водоем контур №526 | Московский р/н, Мин-Булакский а/а, 42.866078, 74.245937 | 1 га |
| 6 | 033-25 | Водоем контур №117 | Жайылский р-н, 42.881886, 73.820091 | 1,2 га |
| 7 | 034-25 | Водоем контур №557 | Московский р/н, Толокский а/а, 43.016720, 74.076382 | 3,3 га |
| 8 | 035-25 | БСР №3 | Панфиловский р/н, с. Панфиловка, 42.798903, 73.711406 | 2 га |
| 9 | 036-25 | Водоем контур №23 | Сокулукский р/н, Сары-Озонский а/о, 42.975948, 74.205876 | 1,46 га |
| 10 | 037-25 | Водоем контур №328 | Московский р/н, с. Садовое, 42.866645, 74.178636 | 0,8 га |
| 11 | 038-25 | БСР “Мраморное” | Аламудунский р/н, Суймонкул Чокморовский а/а, 43.048562, 74.504951 | 27 га |
| **Иссык-Кульская область** | | | | |
| 12 | 039-40 | Водоем “Көл Кечүү” контур №236 | Жети-Огузский р-н, Жети-Огузский а/а, с. Чырак 42.504569, 78.122968 | 25 га |
| 13 | 040-25 | Водоем контур №283, 284 | Жети-Огузский р-н, Жети-Огузский а/а 42.515232, 78.299343 | 2,3 га |

По всем интересующимся вопросам и за дополнительной информацией, а также по критериям оценок, на основании которых конкурсная комиссия будет оценивать заявки, поданные на участие в конкурсе, юридические и физические лица могут обращаться к секретарю межведомственной комиссии, по адресу: 720001, Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Киевская, 96-А., 6 этаж, 614 кабинет.

Требования к конкурсным документам:

1. Заполненная форма конкурсной заявки
2. Копия документа, удостоверяющая личность (паспорт)
3. Копия Устава юридического лица при наличии
4. Копия свидетельства о государственной регистрации юридического лица при наличии
5. Наличие справки с налоговой службы при наличии
6. Наличие справки Соцфонда при наличии
10. Другие документы при наличии

с/о 814

## ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИН ТҮЗҮҮ, ТАКТОО ЖАНА ИДЕНТИФИКАЦИЯЛОО БОЮНЧА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 14, 15, 16-беренелерин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12, 13-беренелерин жетекчиликке алып, шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, тактоо жана идентификациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү тартибин аныктоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, тактоо жана идентификациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө Жобосу тууралуу" 2020-жылдын 11-февралындагы №40 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын тизмеси маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2020-жылдын 23-декабрындагы №497 токтомунун 2-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө жобосу жөнүндө" 2020-жылдын 11-февралындагы №40 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2021-жылдын 29-августундагы №666 токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №40 "Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2024-жылдын 17-сентябрындагы №129 токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2024-жылдын 1-октябрындагы №155 токтомунун 3-пункту.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-сентябры, №72***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум*
*өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 10-сентябрындагы*
*№72 токтомуна тиркеме*

## Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, тактоо жана идентификациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, тактоо жана идентификациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочуларды жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин (мындан ары – шайлоочулардын тизмеси) түзүү, тактоо жана идентификациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандары (шайлоочулары) жөнүндө маалыматтарды берүүнүн, шайлоочулардын маалыматтарын Кыргыз Республикасынын калкынын бирдиктүү мамлекеттик реестри менен салыштыруу жана шайкеш келтирүү жол-жоболорунун, шайлоочуларды идентификациялоо жабдыктарынын комплекттерин (алардын биометрикалык жана жеке маалыматтары боюнча шайлоочуларын идентификациялоо, бюллетендерди басып чыгаруу функциясы менен жабдууларды) даярдоонун тартибин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону жана Кыргыз Республикасында референдумду өткөрүү жана даярдоо мезгилинде ыкчам чечүүнү талап кылган башка маселелерин жөнгө салат.

2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпы шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу жана сактоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө", "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

3. Жободо төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документ** - Кыргыз Республикасынын улуттук паспортторунун мыйзамдарда белгиленген бардык түрү (идентификациялык карта (ID), жалпы жарандык паспорт, дипломатиялык паспорт, кызматтык паспорт, "Түндүк" тиркемеси аркылуу түзүлгөн санариптик паспорт);

**шайлоочулардын эсебинин бирдиктүү тутуму (мындан ары - ШЭБТ)** - Кыргыз Республикасында шайлоочулар, референдумдун катышуучулары (мындан ары - шайлоочулар) жөнүндө маалыматтарды түзүү, эсепке алуу, иштетүү жана актуалдаштыруу, шайлоочулардын, референдумга катышуучулардын тизмелерин түзүү (мындан ары - шайлоочунун тизмеси), шайлоо аралык мезгилде жана шайлоолорду жана референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде статистиканы жана отчетторду түзүү үчүн колдонулуучу мамлекеттик маалымат системасы. Системанын негизги максаты - Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоого жана референдумга катышууга болгон шайлоо укуктарынын кепилдигин камсыз кылуу.

**Кыргыз Республикасынын калкынын бирдиктүү мамлекеттик реестри (мындан ары – калктын реестри)** - Кыргыз Республикасынын жарандары жана Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары жерде туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдар жөнүндө маалыматтарды жыйноо, сактоо, иштетүү, актуалдаштыруу жана талдоого арналган Кыргыз Республикасынын жарандарынын бирдиктүү автоматташтырылган жеке эсептеринин тутуму;

**шайлоочунун, референдумдун катышуучусунун жеке маалыматтары** - паспортто же чипке көрсөтүлүп жазылган же болбосо калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ведомстволук мекемеси тарабынан маалымат системасында катталган жеке идентификациялык номуру (ЖИН), фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган датасы, туруктуу жашаган жеринин дареги камтылган маалыматтар;

**туруктуу жашаган жери** - калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жарандын жашаган жеринин дарегин каттоо же жарандын паспортуна каттоо белгиси менен ырасталган жарандын Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган жери;

**шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмеси** - электрондук жана кагаз жүзүндө, калктын реестринин негизинде түзүлгөн маалыматтар, добуш берген күнү жигердүү шайлоо укугуна жана/же референдум өткөрүлгөн күнү референдумга катышууга укугу бар Кыргыз Республикасынын жарандарынын тизмеси;

**калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук мекемеси болгон "Кызмат" мамлекеттик мекемеси;

**шайлоочуларды, референдумдун катышуучуларын эсепке алуу** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Жободо белгиленген негиздер боюнча шайлоочулардын тизмесине жарандарды киргизүү, чыгарып салуу, шайлоочулар тууралуу маалыматтарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;

**жергиликтүү жамааттын мүчөсү (жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо)** - тийиштүү айыл аймагында, шаарда туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктар байланыштырган Кыргыз Республикасынын жараны. Жергиликтүү жамаатта шайлоочунун мүчөлүгү жарандын паспортундагы жашаган жери, паспорттун чипине жазылган же жашаган жеринин дареги, калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда добуш берүү күнүнө чейин кеминде 60 күн калганда дарегин каттоо менен аныкталат;

**жергиликтүү жамааттын мүчөсү (Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо)** - көп мандаттуу шайлоо округунун курамына киргизилген тиешелүү айыл аймагында, шаарда туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү добуш берүү күнүнө чейинки 90 күндөн кем эмес мөөнөттө жарандын паспортунда, паспорттун чипинде жазылган жашаган жерин каттоо жөнүндө белги калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда жашаган жеринин дарегин каттоо менен аныкталат.

4. Шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын мамлекеттик эсебин, калктын реестринде камтылган жеке маалыматтардын негизинде ШЭБТнын маалыматтык тутумун пайдалануу менен Борбордук шайлоо комиссиясы ишке ашырат.

5. Шайлоочулардын шайлоого укуктарын жүзөгө ашыруу, өздөрү жөнүндө маалыматтар менен шайлоочулардын таанышуусун жана тактоосун, ошондой эле добуш берүүнү өткөрүү максатында ар бир шайлоо участогу, референдум участогу (мындан ары - шайлоо участогу) боюнча шайлоочулардын тизмеси түзүлөт.

Шайлоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген берүү мөөнөтүнө ылайык шайлоочулардын тизмеси алдын ала, контролдук жана биротоло болуп бөлүнөт.

Шайлоочулардын тизмелеринин формалары Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү тутуму жөнүндө жобо менен белгиленет.

6. Шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратылган жерде турган жарандар шайлоочулардын тизмесине киргизилбейт.

7. Шайлоолорду жана референдумду өткөргөн мезгилде Борбордук шайлоо комиссиясы жана калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын биргелешкен чечими боюнча жарандарды биометрикалык каттоо Кыргыз Республикасынын аэропортторунун, темир жол вокзалдарынын, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөн Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк мекемелеринде жүргүзүлүшү мүмкүн.

8. Шайлоолорду жана референдумду чогуу өткөргөн учурда көрсөтүлгөн шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү шайлоо жана референдум жөнүндө тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлөт.

### 2. Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен өз ара аракеттенүү тартиби

9. Шайлоочулардын тизмеси шайлоо участокторунун чек араларын эсепке алуу менен калктын реестринде камтылган жеке жана биометрикалык маалыматтардын негизинде түзүлөт.

10. Шайлоо күнү дайындалгандан кийин 7 (жети) календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын түзөт жана бекитет, аларды бекитилген күндөн тартып 7 (жети) календардык күндөн кечиктирбестен чек араларын жана даректерин көрсөтүү менен жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялайт жана шайлоочулардын алдын ала тизмесин түзүү үчүн калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өткөрүп берет.

11. Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган добуш берүү күнүнө чейин 75 (жетимиш беш) календардык күндөн кечиктирбестен, биометрикалык маалыматтарды жыйноо пункттарынын тизмесин, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жердегилерин, алардын иштөө тартибин, жайгашкан даректерин жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

12. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону, Кыргыз Республикасынын референдумун даярдоодо жана өткөрүүдө:

1) Шайлоо күнүнө 80 (сексен) календардык күн калганда калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган шайлоочулардын алдын ала тизмесин бирдиктүү республикалык шайлоо округу боюнча калктын реестринен ШЭБТга автоматтык түрдө жүктөө аркылуу түзөт, андан ары ШЭБТдан "Тизме" мамлекеттик порталына шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон, биометрикалык каттоодон өткөн жарандар жөнүндө маалыматтарды шайлоо участкаларынын чектерин эске алуу менен жүктөйт.

Алдын ала тизмелерди түзүү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген форма боюнча ишке ашырылат.

Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Борбордук шайлоо комиссиясына электрондук алып жүрүүчүдө *.pdf форматында түзүлгөн жана электрондук кол тамгасы менен кол коюлган алдын ала тизмелерди кошумча берет.

Мында электрондук кол тамга коюлган электрондук алып жүрүүчүдө АШК/УШК боюнча шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык курамы менен аналитикалык маалымат жөнөтүлөт. Шайлоочулардын тизмесин актуалдаштыруу учурунда да ушундай эле маалымат жөнөтүлөт.

Шайлоочулардын алдын ала тизмесине төмөнкү жарандар киргизилбейт:

– добуш берүү күнүнө карата 18 жаш куракка толбогондор;
– биометрикалык каттоодон өтпөгөндөр;
– Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандар;
– соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратылган жерлерде тургандар;
– сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылгандар;
– каза болгондор (өлгөндүгү жөнүндө жазуу жүзүндөгү мамлекеттик каттоонун актысынын негизинде).

***(Уландысы 12-бетте)***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# Шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, тактоо жана идентификациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө ЖОБО

(Башталышы 11-бетте)

2) Түзүлгөн алдын ала тизме таанышуу жана көрсөтүлгөн маалыматтарга тиешелүү тактоо киргизүү, тизмелердеги каталарды жана/же так эместиктерди аныктоо үчүн туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, шайлоочунун ЖИН, туулган датасы жөнүндө маалыматтар көрсөтүлбөй туруп, участоктор, райондор жана шаарлар боюнча автоматтык түрдө ШЭБТдан алынып, бир учурда калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан "Тизме" мамлекеттик порталында жайгаштырылат.

3) Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 75 (жетимиш беш) календардык күн мурда шайлоочулардын алдын ала тизмесин басып чыгарат жана шайлоочуларга тааныштыруу, ошондой эле шайлоочулардын тактап алуусу үчүн участкалык шайлоо комиссияларына берет.

13. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоочулардын тизмелери көп мандаттуу шайлоо округу боюнча түзүлөт:

Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган добуш берүү күнүнө чейин 80 (сексен) календардык күн мурда көп мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоо участокторунун чек араларын эсепке алуу менен шайлоо күнүнө карата 18 жаш куракка толгон, биометрикалык каттоодон өткөн, жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп эсептелген жарандар жөнүндө маалыматтарды калктын реестринен ШЭБТга, андан ары ШЭБТдан "Тизме" мамлекеттик порталына автоматтык түрдө жүктөп, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган жеринин дареги боюнча шайлоо участкаларынын чек арасын эске алуу менен, инсандыгын ырастоочу документте каттоо органдарынын шайлоо күнүнө чейин 90 күндөн кем эмес мөөнөттө жасалган каттоо белгиси менен тастыкталган маалыматтарды киргизет.

Алдын ала тизмелерди түзүү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген форма боюнча ишке ашырылат.

Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Борбордук шайлоо комиссиясына электрондук алып жүрүүчүдө *.pdf форматында түзүлгөн жана электрондук кол тамгасы менен кол коюлган алдын ала тизмелерди кошумча берет.

Мында электрондук кол тамга коюлган электрондук алып жүрүүчүдө шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык курамы боюнча ОШК/УШК боюнча аналитикалык маалымат жөнөтүлөт. Шайлоочулардын тизмесин актуалдаштырган учурда да ушундай эле маалымат жиберилет.

Шайлоочулардын алдын ала тизмесине төмөнкү жарандар киргизилбейт:

– добуш берүү күнүнө карата 18 жаш куракка толбогондор;

– биометрикалык каттоодон өтпөгөндөр;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандар;

– соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратылган жерлерде тургандар;

– сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылгандар;

– каза болгондор (өлгөндүгү жөнүндө жазуу жүзүндөгү мамлекеттик каттоонун актысынын негизинде).

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоочулардын тизмесине тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округунун курамына киргизилген тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү болуп эсептелбеген жарандар киргизилбейт.

2) Түзүлгөн алдын ала тизмеси тааныштыруу жана көрсөтүлгөн маалыматтарга тиешелүү тактоо киргизүү, тизмелердеги каталарды жана/же так эместиктерди аныктоо үчүн туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, шайлоочунун ЖИН, туулган датасы жөнүндө маалыматтар көрсөтүлбөй туруп, участоктор, райондор жана шаарлар боюнча автоматтык түрдө ШЭБТдан алынып, бир учурда Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан "Тизме" мамлекеттик порталында жайгаштырылат.

3) Добуш берүү күнүнө чейин 75 (жетимиш беш) календардык күн мурда Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын алдын ала тизмесин басып чыгарат жана шайлоочуларга тааныштыруу жана шайлоочулардын тактап алуусу үчүн участоктук шайлоо комиссияларына берет.

14. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерине депутаттарды шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө:

1) Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган добуш берүү күнүнө чейин 55 (элүү беш) календардык күн мурда паспортто/электрондук чипиндеги жазууда көрсөтүлгөн дарекке ылайык, шайлоо участокторунун чек араларын эсепке алуу менен, добуш берүү күнүнө карата 18 жашка толгон, биометрикалык каттоодон өткөн жарандар жөнүндө маалыматтарды калктын реестринен ШЭБТга жүктөө, андан ары ШЭБТдан "Тизме" мамлекеттик порталына жүктөө менен шайлоочулардын алдын ала тизмесин түзөт.

Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ведомстволук карамагындагы мекеме Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген формага ылайык ШЭБТда шайлоочулардын алдын ала тизмесин түзөт.

Кошумча түрдө *.pdf форматында түзүлгөн жана электрондук кол коюлган шайлоочулардын алдын ала тизмеси дагы Борбордук шайлоо комиссиясына электрондук алып жүрүүчүдө берилет.

Мында электрондук кол тамга коюлган электрондук алып жүрүүчүдө ОШК/АШК/УШК боюнча шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык курамы менен аналитикалык маалымат жөнөтүлөт. Ушул эле маалыматтар шайлоочулардын тизмесин актуалдаштырууда Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Шайлоочулардын тизмесине төмөнкү жарандар киргизилбейт:

– шайлоо өткөрүлүп жаткан тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү болуп саналбагандар (Кыргыз Республикасынын аймагында жарандын жашаган жеринин дареги боюнча аныкталат, ал паспорттогу каттоо белгиси/паспорттун чипине жазылган маалымат менен аныкталат);

– добуш берүү күнүнө карата 18 жашка толбогондор;

– биометрикалык каттоодон өтпөгөндөр;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандар;

– соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратылган жерлерде тургандар;

– сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылгандар;

– каза болгондор (өлгөндүгү жөнүндө жазуу жүзүндөгү мамлекеттик каттоонун актысынын негизинде).

2) Түзүлгөн алдын ала тизмеси тааныштыруу жана көрсөтүлгөн маалыматтарга тиешелүү тактоо киргизүү, тизмелердеги каталарды жана/же так эместиктерди аныктоо үчүн туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, шайлоочунун ЖИН, туулган датасы жөнүндө маалыматтар көрсөтүлбөй туруп, участоктор, райондор жана шаарлар боюнча автоматтык түрдө калктын реестринен алынып, бир учурда калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан "Тизме" мамлекеттик порталында жайгаштырылат.

3) Добуш берүү күнүнө чейин 50 (элүү) календардык күн мурда Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын алдын ала тизмесин басып чыгарат жана шайлоочуларга тааныштыруу жана шайлоочулардын тактап алуусу үчүн участоктук шайлоо комиссияларына берет.

15. Шайлоочулардын мамлекеттик эсеби калктын реестринде камтылган маалыматтардын негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ишке ашырылат.

Шайлоочулардын "Тизме" мамлекеттик порталындагы шайлоочулардын тизмеси шайлоолордун аралыгындагы мезгилде ай сайын, шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде күн сайын жаңыртылып турат.

Шайлоочулардын контролдук жана биротоло тизмеси калктын реестринде камтылган маалыматтар менен милдеттүү түрдө салыштырылууга жана актуалдаштырууга жатат.

Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган шайлоо өткөрүү мезгилинде - күн сайын, ал эми шайлоолор аралыгында ай сайын 5 күндөн кеч эмес, ШЭБТга жүктөө үчүн төмөнкү жарандар жөнүндө калктын реестриндеги маалыматтарды жаңылап турат:

– 18 жаш куракка чыккандарды;

– Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун алгандарды;

– биометрикалык каттоодон өткөндөрдү;

– паспортто/электрондук чипиндеги жазууда көрсөтүлгөн туруктуу жашаган жеринин дарегин, жана/же "Дарек-маалымдама бюросундагы" каттоо фактысы боюнча жашаган жеринин дарегин алмаштыргандарды;

– каза болгондорду;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандарды;

ШЭБТга киргизүү үчүн калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилген маалыматтарды актуалдаштырууда кагаз жана электрондук алып жүрүүчүдө мурдагы актуалдаштырууга салыштырууда (5-тиркемеге ылайык) ОШК/АШК/УШК боюнча калктын реестриндеги маалыматтары боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген/чыгарылган шайлоочулар тууралуу маалыматтар менен бирге аналитикалык маалымат берилет.

Добуш берүү күнүнө чейин 10 (он) календардык күндөн мурда калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган шайлоочулардын тизмесин актуалдаштыруу үчүн калктын реестриндеги маалыматы боюнча шайлоочулар тууралуу маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясына берүүнү токтотот.

16. Добуш берүү күнүнө чейин 35 (отуз беш) календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулар тууралуу актуалдаштырылган маалыматтар камтылган шайлоочулардын контролдук тизмесин түзөт. Контролдук тизме тийиштүү участок боюнча тизмеге киргизилген шайлоочулардын фамилиясынан, атынан, атасынын атынан, ошондой эле АШК/УШКнын аталышынан, АШК/УШКга карата шайлоо участогунун номеринен тышкары башка маалыматтарды камтыбоого тийиш.

17. Шайлоолорду, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган шайлоолорду даярдоо жана референдумду өткөрүү күнү колдонулуучу маалыматтык системаларды (ШЭБТ жеке жана биометрикалык маалыматтар боюнча идентификациялоо системасы, "Тизме" мамлекеттик порталы, "Шайлоочунун кабинети") техникалык жактан колдоону камсыз кылат.

Маалыматтык системаларды иштеп чыгуу жана камсыз кылууга жумшалуучу чыгымдар Борбордук шайлоо комиссиясына калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен келишимдин негизинде төлөнөт жана шайлоо сметасына киргизилет.

18. Шайлоочулардан келип түшкөн арыздар, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан берилген маалыматтар иштелип чыккандан кийин жана калктын реестринде камтылган маалыматтар менен шайлоочулардын тизмеси актуалдаштырылгандан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын биротоло тизмесин түзөт.

19. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо участоктору боюнча разнарядкага ылайык шайлоочуларды идентификация жабдыктарынын топтомдорунун зарыл санын алдын ала текшерүү жана даярдоо, алардын үзгүлтүксүз иштеп турушу боюнча ишти уюштурат жана жүргүзөт.

20. Добуш берүү күнүнө чейин 10 (он) календардык күн мурда:

1) Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочуларды идентификация жабдыктарынын топтомдорун даярдоо үчүн электрондук форматта шайлоочулардын биротоло тизмелерин калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет;

2) Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган шайлоочулардын борборлоштурулган маалыматтык базасынын туруктуу жана үзгүлтүксүз иштешин, ШЭБТ жөнүндө Жобо менен бекитилген форматта ар бир шайлоо участогу боюнча принтер (локалдык сервер) менен идентификация түзүлүштөрүнө биометрикалык маалыматтарга байлаштырып, шайлоочулардын акыркы тизмесин (локалдык маалыматтар базасын) түшүрүүнү камсыз кылат;

3) Борбордук шайлоо комиссиясы принтери бар идентификациялоочу түзүлүштөрдүн үзгүлтүксүз иштешин комплекстүү текшерүүдөн өткөрөт;

4) Биометрикалык маалыматтарды шайлоочулардын жеке маалыматтарына байланыштыруу калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт.

21. Борбордук шайлоо комиссиясынын кызматкерлери тарабынан кабыл алуу-өткөрүп берүү, оңдолушун текшерүү, принтери бар идентификациялоочу түзүлүштөрдүн керектүү санынын болушу акты боюнча жүргүзүлөт.

22. Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 3 (үч) календардык күн мурда калганда принтери бар идентификациялоочу түзүлүш, чыгымдалуучу материалдарды жеткирүүнү камсыздайт жана идентификациялоо жабдыктарынын сакталышы менен бүтүндүгүн камсыздоо үчүн аларды жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга өткөрүп берет.

Шаарлардын мэрияларынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын алдында, принтери бар идентификациялоочу түзүлүштөрдү кабыл алуу, сактоо жана УШКларга жеткирүү боюнча штаб түзүлөт. Штабдын курамына округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн жана башка мамлекеттик органдардын кызматкерлери кирет.

23. Дайындалган шайлоо, референдум аяктагандан кийин калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган шайлоодо, референдумда идентификациядан өткөн шайлоочулардын тизмесин түзөт жана 2-тиркемеге ылайык "Тизме" мамлекеттик порталына жарыялайт.

24. Шайлоочулардын тизмелеринде камтылган жеке маалыматтар жөнүндө маалыматтарды көчүрүү, жарыялоо, жайылтуу, санкцияланбаган жол менен ачыкка чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

## 3. Башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү тартиби

25. Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону, Кыргыз Республикасынын референдумун даярдоодо жана өткөрүүдө добуш берүү күнүнө чейин 85 (сексен беш) календардык күндөн кечиктирбестен ТИМ Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн, консулдук (убактылуу консулдук) эсепке турган жана биометрикалык каттоодон өткөн, шайлоо жабдууларын бөлүштүрүүнү жана логистикасын оптималдаштыруу үчүн, шайлоочулар жөнүндө маалыматтарды алдын ала ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

26. Чет өлкөлөрдөгү Кыргыз Республикасынын тийиштүү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелеринин жетекчилери шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү учурунда 15 календардык күн калганда ТИМ аркылуу консулдук (убактылуу консулдук) эсепте турган жана биометрикалык каттоодон өткөн шайлоочулар тууралуу биротоло маалыматтарды күн сайын Борбордук шайлоо комиссиясына (1а тиркемесине ылайык) берет.

27. Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоолорду, Кыргыз Республикасынын референдумун өткөрүүнү даярдоодо жана өткөрүүдө ССМ, УКМК, ЖАМК, КМ, ИИМ үзгүлтүксүз циклде иштеген ишканалардын (вахталык иштердин) жетекчилери добуш берүү күнү стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелерде, шектелүүчү жана айыпталуучу катары камакта болгон жерлерде, үзгүлтүксүз циклде иштеген ишканаларда (вахталык иштерде) турган шайлоочулардын тизмесин, мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана аскер бөлүктөрүндө турган башка адамдар тууралуу маалыматтарды түзөт жана добуш берүү күнүнө чейин 12 (он эки) календардык күндөн кечиктирбестен тийиштүү УШКга берет.

Мында төмөнкүдөй маалыматтар көрсөтүлөт: шайлоочунун паспортунда көрсөтүлгөн/ чипине жазылган каттоо дареги, ЖИН, ФАА, туулган датасы, мекеменин аталышы, шайлоочу кармоодогу (турган) мекеменин жетекчисинин колу жана мөөрү. Маалыматтар ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык электрондук жана кагаз түрүндө тийиштүү шайлоо комиссияларына берилет.

Майыптыгы бар адамдардын маселелерин караган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, сот органдары менен биргеликте шайлоо күнүнө 15 календардык күн калганда мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечиминин негизинде аракетке жөндөмсүз деп табылган шайлоочулардын тизмесин Борбордук шайлоо комиссиясына (4-тиркемеге ылайык) берет.

## 4. Корутунду жоболор

28. Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоонун жана эсепке алуунун ар түрдүү формаларын ишке ашырган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын, мекемелеринин, уюмдарынын жетекчилери шайлоочулар жөнүндө өз учурунда эмес, так эмес, толук эмес, анык эмес жана жалган маалыматтарды бергендиги үчүн, ошондой эле жеке мүнөздөгү маалыматтарды санкцияланбаган жарыя кылуу, таратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

29. Ушул Жобого өзгөртүү жана толуктоо Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому менен киргизилет

**Кыскартуулар:**

**ЖС** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту;

**ТИМ** – Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги;

**ИИМ** – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги;

**КМ** – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги;

**ССМ** – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги;

**ЭСКММ** – Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри;

**УКМК** – Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети;

**ЖАМК**– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызмат;

**ЖИН** – жеке идентификациялык номер;

**ОШК** – округдук шайлоо комиссиясы;

**АШК** – аймактык шайлоо комиссиясы;

**УШК** – участкалык шайлоо комиссиясы.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНДЕ КОРРУПЦИЯНЫН КЕЛИП ЧЫГУУ ТОБОКЕЛДИГИ БАР УЧУРЛАРДЫН ЖАНА КЫРДААЛДАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН

### БУЙРУГУ

Коррупциянын келип чыгуу тобокелдигин төмөндөтүү максатында, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы №293 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу" токтомуна ылайык

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинде (мындан ары – Спорт агенттиги) коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери Спорт агенттигинин Тизмегине ылайык төмөндөгүлөр боюнча туруктуу негизде иш жүргүзсүн:

- орун алган коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу боюнча;
- ишмердиги коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон функциялар менен байланышкан кызматкерлердин коррупцияга каршы укуктук аң-сезимин жогорулатуу боюнча.

**3.** Коррупциянын алдын алуу маселелер боюнча ыйгарым укуктуу:

1) бул буйрук катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде мамлекеттик жана расмий тилдерде "Эркин-Тоо" гезитине жарыяласын;

2) бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде жарыяланган булагын көрсөтүү менен ушул буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

3) бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат иретинде жөнөтсүн.

**4.** Кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо жана коррупциянын келип чыгуу тобокелдигин төмөндөтүү максатында Спорт агенттигинин Укуктук камсыздоо жана адам ресурстарын башкаруу башкармалыгы эки жылда бир жолудан көп эмес мамлекеттик кызматчыларды ротациялоонун планын түзсүн.

**5.** Документтер менен камсыз кылуу жана аткарылышты көзөмөлдөө бөлүмү бул буйрукту түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчилерине тааныштырсын.

**6.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**7.** Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Директор** **А. АБДЫМОМУНОВ**

*Бишкек шаары, 2025-жылдын 15-сентябры, №01-13-247*

## ПРИКАЗ

ГОСУДАРСТВЕННОГО АГЕНТСТВА ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ПЕРЕЧНЯ СЛУЧАЕВ И СИТУАЦИЙ, ПО КОТОРЫМ ИМЕЕТСЯ РИСК ВОЗНИКНОВЕНИЯ КОРРУПЦИИ В ГОСУДАРСТВЕННОМ АГЕНТСТВЕ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

В целях снижения риска возникновения коррупции, в соответствии с частью 4 статьи 20 Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», Положением о порядке реализации делегированных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года №115, постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О некоторых мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе» от 31 мая 2023 года №293

**ПРИКАЗЫВАЮ:**

**1.** Утвердить Перечень случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Государственном агентстве физической культуры и спорта при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее - ГАФКС), согласно приложению.

**2.** Руководителям структурных и подведомственных подразделений в соответствии с перечнем ГАФКС на постоянной основе осуществлять деятельность:

- по снижению имеющихся коррупционных рисков;
- по повышению антикоррупционного правосознания сотрудников, чья деятельность связана с функциями, подверженными коррупционному риску.

**3.** Уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо»;

2) в течение трех рабочих дней со дня опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителе, с указанием источника опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа, направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

**4.** Управлению правового обеспечения и управления человеческими ресурсами ГАФКС в целях предотвращения конфликта интересов и снижения риска возникновения коррупции не чаще одного раза в два года составлять план проведения ротации государственных служащих.

**5.** Отделу документационного обеспечения и контроля ознакомить с настоящим приказом руководителей структурных и подведомственных подразделений.

**6.** Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**7.** Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Директор** **А. АБДЫМОМУНОВ**

*г.Бишкек, 15 сентября 2025 года, №01-13-247*

---

Урматтуу «НАРЫНЖОЛКУРУЛУШ» ачык акционердик коомдун акционерлери

***Коомду жоюу боюнча чечим кабыл алынганына байланыштуу 11-октябрь 2025-ж. жоюу комиссия төмөндөгү күн тартип боюнча жыйналыш өткөрөт:***

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. Аралык балансты бекитүү.
3. Жоюу балансын бекитүү.
4. Дайынсыз, дареги белгисиз жана каза болгон акционерлердин акциясына тиешелүү болгон үлүш тууралуу чечим кабыл алуу.
5. Жоюу комиссиясы бөлүштүргөн кыймылсыз мүлк жана жер аянтынын эсебин бекитүү.
6. Бөлүштүрүлгөн мүлктү каттоодо жооптуу адамдарды дайындоо.

Сиздерди акцияга тиешелүү мүлкүңүздү бөлүп алууга чакырабыз.

Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү - **2025-жылдын 10-октябры.**

Каттоонун башталышы **2025-жылдын 10-октябры, саат 10.00дө** коомдун имаратында, **Мырзабеков көч., 3** дареги боюнча өтөт.

Чогулушка катышуу үчүн өзүңүздү тастыктаган паспорт, айдоочунун күбөлүгү менен нотариустан күбөлөндүрүлгөн ишеним кат талап кылынат.

*Жоюу комиссиясы*

Уважаемые акционеры, в связи с принятым решением о добровольной ликвидации ОАО "НАРЫНЖОЛКУРУЛУШ"

***Ликвидационная комиссия проводит собрание и приглашает принять участие 11 октября 2025 г.***

***Повестка дня:***

1. Избрание счетной комиссии.
2. Утверждение промежуточного баланса.
3. Утверждение ликвидационного баланса.
4. Принятие решений в отношение акций принадлежащий акционерам с неизвестными и умершими акционерами.
5. Утверждение протокола ликвидационной комиссии по распределению недвижимого и земельного участка.
6. Назначить ответственных лиц при оформлении распределенных имуществ и документов.

Приглашаем вас принять участие и получить имущество по вашей акции.

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании - **10-октября 2025г.**

Начало регистрации в **10.00 часов** в здании ОАО "НАРЫНЖОЛКУРУЛУШ" по адресу: **ул. Мырзабекова, 3**

*Ликвидационная комиссия*

Н-556

---

ЧАСТНЫЙ НОТАРИУС НОТАРИАЛЬНОГО ОКРУГА г.БИШКЕК ШАГИДОВА-СЕКИШЕВА БЕРМЕТ ЖУМАШБЕКОВНА

Извещает/объявляет об открытии наследства на имущество, оставшееся после смерти Махмутходжаевой Шайрахан Исламходжаевны, умершей 27.04.2025 года.

По вопросам обращаться в частную нотариальную контору по адресу: г.Бишкек, ул.Фрунзе, дом 340. Тел: 0558 27 11 78.

Н-550

---

«ЭЛДИК БАНК» ААК

***Туруктуу өнүгүү облигациялары (ESG облигациялары) боюнча биринчи пайыздык мезгилдеги кирешелерди төлөөнү маалымдайт***

- **Чыгаруу номери:** KG0201096011
- **Облигациялардын кирешелүүлүгү:** жылдык 11%
- **Облигациянын номиналдык наркы:** 1000 (бир миң) сом
- **Кирешени төлөө башталган күн:** 2025-жылдын 30-сентябры
- **Төлөө ыкмасы:** акча каражаттары
- **Төлөө орду:** "Элдик Банк" ААК, 720021, Бишкек ш., Москва көч., 80/1, же берилген арызга ылайык облигация ээсинин банктык эсебине которулат.

*КРУБ лиц. №033, 033/1*

С-0809

ОАО «ЭЛДИК БАНК»

***Информирует о выплате доходов по первому процентному периоду по облигациям устойчивого развития (ESG-облигаций)***

– **Номер выпуска:** KG0201096011
– **Доходность облигаций:** 11% годовых
– **Номинальная стоимость облигации:** 1000 (одна тысяча) сом
– **Дата начала выплаты дохода:** 30 сентября 2025 г.
– **Форма выплаты:** денежные средства
– **Место выплаты:** ОАО «Элдик Банк», 720021, г. Бишкек, ул. Московская, 80/1, либо путем перечисления на банковский счет держателя облигаций согласно поданного заявления.

*Лиц.НБКР №033, 033/1*

---

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***Макеев Эрнст Аманбаевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 27823712 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

М.б.

***Өзгөн районунун тургуну Айбеков Зулпухарга таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү №185714 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

п/п 175

***Өзгөн районунун тургуну Сатимов Нурлан Мырзакуловичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч № 356313 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

п/п 649

***Гезитибиздин 2025-жылдын 12-сентябрындагы №69 (3725) санынын 15-бетине жарыяланган Ункулова Гульмира Абдыраевнага тиешелүү жарыясы (н-508) жараксыз деп табылсын***

Н-541

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***В связи с утерей диплома серия ЧВ №240038782 на имя Гуджарати Фарух Махмадханиф считать недействительным.***
Н-540

***Арстанбек уулу Артыкка тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28976429 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Акматов Акылбек Толоновичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №366011 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Нурланбекова Айдана Нурланбековнага тиешелүү аттестаты сериясы БА №190039104 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельную долю № 0112050 (от 15.08.2018 г.) и договора купли-продажи №708-2025-30042 (от 16.06.2025 г.) на имя Субанбекова Бектура Бакирдиновича считать недействительными.***
М.б.

***Кудаяров Дуйша Кудаяровичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №0001978 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-542

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №186314 (от 27.02.2009 г.) о соглашения о разделе имущества №3726 (от 18.10.2017 г.) на имя Масалиевой Айчурек Абсаматовны считать недействительными.***
Н-543

***Дербишева Гулзина Молдошбековнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЧК №10 (20.12.2004-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-555

***Аксы районунун Үч-Коргон айыл аймагынын Нарын айылынын тургуну Исматбаев Гламидин Мамасалиевичке тиешелүү (26-май 2004-жылы берилген) серия Ч №1085593 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 036

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №186314 (от 27.02.2009 г.) на имя Масалиева Муса Абсаматовича считать недействительным.***
Н-544

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Хегай Виолетта Николаевна код ОКПО 26604066 считать недействительным.***
Н-545

***Абдувалиева Кульжан Айткуловнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЧА №006 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-547

***Калматов Урайим Абдакимовичке тиешелүү диплому сериясы МВ №126131 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-548

***Матаев Камчыбек Табылдиевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №355857 (18.01.2012-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-549

***Кароева Ашурби Душабайевнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28200752 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-551

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия ЧЫ №0060071 на имя Радченко Семена Николаевича считать недействительным.***
Н-552

***Эгембердиев Бекзат Дуйшеналиевичке тиешелүү эмгек китепчеси сериясы AT-IX №0096354 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-561

***Абдышова Айпери Мыктыбековнага тиешелүү сериясы СК №215008509, Зарлыкова Мадина Таштанбековнага СК №215007988, Эрмекбаев Бексултан Марсовичке СК №225001790, Расулжанов Мухаммадкарим Расулжановичке СК №225004193, Болотов Нурбек Абдижалиловичке СК №225003561, Ибраимов Ермахан Мариповичке СК №225002279 берилген сынак китепчелери жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Ибрагимов Эгемен Рашидович код ОКПО 31454739 считать недействительным.***
М.б.

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Искендерова Танур Ташполатовна код ОКПО 32562679 считать недействительным.***
Н-557

***Баткен районунун Ак-Сай айылынын тургуну Орозбай уулу Айбекке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1009933 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-560

***Токтогул районундагы Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн тургуну Кадыралиев Бакбуркан Нуркуловичке тиешелүү тарак жайынын тех. паспорту иден.коду 3-07-07-1001-0577 (28.08.2006-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-553 .

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №186316 (от 27.02. 2009 г.) и соглашение о разделе имущества №3726 (от 18.10.2017 г.) на имя Масалиева Муса Абсаматовича считать недействительным.***
Н-544

***В связи с утерей удостоверения на право временного пользования земельным участком серия В №0308000 на имя Базаркулова Усенбая Шимшибековича считать недействительным.***
Н-562

***В связи с утерей удостоверения на право временного пользования земельным участком серия В №036601 на имя Мамбетакунова Исагула считать недействительным.***
П/П 970

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №186316 (от 27.02.2009 г.) на имя Масалиевой Айчурек Абсаматовны считать недействительным.***
Н-543

***Уланбек уулу Азатка тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31534310 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

## КОНКУРС

***Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 22-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 23-сентябрындагы "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" №571 токтомуна ылайык, Нарын шаардык мэриясынын алдындагы «Курулуш куруу жана жер пайдалануу» комиссиясынын жер аянттары боюнча 2025-жылдагы Нарын шаарындагы жер аянттарына ачык конкурс (тоорук) жарыялайт.***

Нарын шаарынын К.Шадыканов №119/7 дарегиндеги муниципалдык кыймылсыз мүлктөр мурдагы "ЖБИнин" ичинен
1) 443,0 ч.м 2) 6326,0 ч.м 3) 888,81 ч.м
4) 8268,2 ч.м 5) 2848,87 ч.м 6) 2261,6 ч.м
жер аянттарына,

Нарын шаарынын К.Шадыканов көчөсү №119 дарегиндеги муниципалдык кыймылсыз мүлктөр мурдагы "Тулпар" комбинатынан 12794,0 ч.м жер аянтына,

Нарын шаарынын Боогачы көч. №70 дарегиндеги муниципалдык кыймылсыз мүлктөр азыркы "Жашылча" кампасы 2318,0 ч.м жер аянтына,

Нарын шаарынын Ленин көчөсү №105а дарегиндеги муниципалдык кыймылсыз мүлктөр азыркы "Эт» комбинатынан 39642,0 ч.м жер аянтына,

Нарын шаарынын Самансур-Ата көчөсүндөгү №17а дарегиндеги муниципалдык кыймылсыз мүлктөр мурдагы "Кыргызайылтехсервистин" ичинен 47597,5 ч.м жер аянтына,

Нарын шаарынын И.Раззаков №6а үйүнүн күн батыш тарабынан 33,0 чарчы метр жер аянты коммерциялык максатында ачык тоорук (аукцион) жарыяланат.

Баштапкы баасы 1650 (бир миң алты жүз элүү) сом.

Документтер 15.10.2025-жылы саат 16.00гө чейин кабыл алынат.

**Байланыш тел.: (0709) 88-74-84.**

С/О-810

**Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгы төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга электрондук сынак жарыялайт.**

| № | Лоттун номуру | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 16 | №402 Каракол – Бишкек (түштүк) чоң автобус | 19-30, 20-50, 22-30 (бир күн сайын) | Каракол автобекети | 4 |
| | | | Артка 19-30, 20-50, 22-30 | Бишкек автобекети | |
| 2 | | №401 Каракол – Бишкек (түндүк) чоң автобус | 20-00, 21-00, 22-00, 23-00, 23-50 | Каракол автобекети | 7 |
| | | | Артка 20-00, 21-00, 22-00, 23-00, 23-50 | Бишкек автобекети | |
| 3 | | №501 Каракол – Бишкек (түндүк) | 06-30, 07-30, 08-30, 09-30, 10-30, 11-30, 12-00, 12-30, 13-40, 14-40, 15-00,16-40, 18-00 (бир күн сайын) | Каракол автобекети | 17 |
| | | | Артка 06-30, 07-30, 08-30, 09-30, 10-30, 11-30, 12-00, 12-30, 13-40, 14-10, 14-40, 16-40, 18-00 | Бишкек автобекети | |
| 4 | | №600 Каракол –Токмок (түндүк) | 07-50, 08-50 артка 08-00, 09-00 бир күн сайын | Каракол автобекети Токмок автобекети | 3 |
| 5 | | №507 Санташ – Бишкек | 08-20 артка 08-50 бир күн сайын | ЖЧК Түп каркыра Такси автокассасы | 2 |
| | | | | Бишкек автобекети | |
| 6 | | №501/С Каракол– Бишкек Санташ а. аркылуу | 19-00 бир күн сайын | Каракол автобекети | 2 |
| | | | Артка 19-00 | Бишкек автобекети | |

Конкурска юридикалык жана жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат. Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрдө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары конкурстун документтерин төмөнкү даректен ала алышат.

**Кыргыз Республикасы, Балыкчы ш., Озерная көч. №221, тел.: (03944) 7-09-02, (0701) 08-65-66.**

Билдирмелер жана конкурстук документтер **2025-жылдын 19-сентябрынан баштап 18-октябрь саат 18.00гө** чейин кабыл алынат.

Сынак Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгында **2025-жылдын 20-октябрында** төмөнкү дарек боюнча: **Кыргыз Республикасы, Балыкчы шаары, Озерная көч. №221 дарегинде саат 10.00дө өткөрүлөт.**

С/О-811

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***Сатарова Айпери Кылычбековнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик акт (сериясы Ч№1008956, идентификациялык коду 3-04-05-1005-0364) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Эргешов Канатбек Өсөрбаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч№142421, берилген күнү 22.04.2008-ж., идентификациялык коду 3-05-07-1001-0194) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Мергенбаев Абдыкалил Жакыповичке тиешелүү турак жайынын техникалык паспорту (идентификациялык коду 3-02-01-1003-0441) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Кудайкулов Илязбек Дурусбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч№1148905, берилген күнү 30.05.2023-ж.) жана техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Мирзакабылов Адыхамжан Фазиловичке тиешелүү жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүгү (сериясы №0076467, катталган күнү 18.02.2015-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Кадыркулов Кубанычбек Вайдуллаевичке тиешелүү турак жайынын техникалык паспорту (идентификациялык коду 3-02-08-1002-0067) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Ибраев Кожомбай Алиевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0075709 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

Н-560

***Баткен районундагы Кара-Бак айыл аймагынын Кызыл-Бел айылынын тургуну Абдураимов Алмазбек Рашитовичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №625224 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

н-563

***Бакай-Ата районуна караштуу Өзгөрүш айылынын тургуну Алымкулов Базарбайдын үй-бүлөсүнө берилген жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндөгү Ч №0029740 күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

п/п 017

## Итоги проведения внеочередного общего собрания акционеров ОАО «ФДСК»

***18 сентября 2025 года по адресу: г. Бишкек ул. М. Ауэзова, 1/34 было проведено внеочередное общее собрание акционеров***

Присутствуют – **525844** голосов, **20** акционеров, кворум собрания – 78,62%

На повестке дня состояли следующие вопросы и приняты решения, по которым проголосовали:

**1. Утвердить состав счетной комиссии в составе: Тентишева Г.М., Мащенко О.Н., Бердалиева С.Ш.**

Проголосовали «за» - 525 844, «против» - нет, «воздержался» - нет, не голосовал- нет, испорченные бюллетени - нет

**2. Об увеличении уставного капитала ОАО «ФДСК».**

Проголосовали: «за» - 525844, «против» - нет, «воздержался» - нет, не голосовал – нет, испорченные бюллетени – нет.

**3. О внесении изменений и дополнений в Устав, и принятие его в новой редакции.**

Проголосовали: «за» - 525 844, «против» - нет, «воздержался» - нет, не голосовал – нет, испорченные бюллетени – нет.

**4. Об одобрении сделок, совершенных Обществом в первом полугодии 2025 года.**

Проголосовали: «за» - 525 844, «против» - нет, «воздержался» - нет, не голосовал – нет, испорченные бюллетени – нет.

Принять к сведению информацию о совершённых действиях, связанных с переоформлением отдельных объектов недвижимого имущества в собственность государства, осуществлённых в условиях исполнения обязательных требований и в целях предотвращения возможных рисков и санкций.

Подтвердить, что указанные действия произведены в рамках предоставленных законом полномочий Совета директоров и исполнительных органов Общества, в целях сохранения прав и законных интересов ОАО «ФДСК» и его акционеров.

Определить, что настоящее решение служит корпоративным подтверждением правомерности действий органов управления и не ограничивает иные права Общества, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

Утвердить заключённые ОАО «ФДСК» договоры о добровольной и безвозмездной передаче в собственность государства следующих объектов недвижимого имущества:

- 13 июня 2025 года – пионерский лагерь «Строитель», расположенный на земельном участке площадью 12,52 га, по адресу: г. Бишкек, Ленинский район, Разное, 1к (с. Джал), идентификационный код: 1-01-23-0013-0225.
- 13 июня 2025 года – пионерский лагерь имени Дубинина, расположенный на земельном участке площадью 7,5 га, по адресу: г. Бишкек, Ленинский район, Разное 1к (с. Джал), идентификационный код: 1-01-23-0013-2311.
- 26 июня 2025 года – мини-пансионат, расположенный на земельном участке площадью 9102,6 кв. м, по адресу: Иссык-Кульская область, Иссык-Кульский район, с. Кара-Ой, курортно-рекреационная зона, территория пансионата «Алтын-Кол», идентификационный код: 2-03-04-1002-0697.
- 2 июля 2025 года – нежилое помещение (гостиница), расположенное на земельном участке площадью 0,11 га, по адресу: г. Бишкек, 7 микрорайон, дом 12/2, идентификационный код: 1-04-07-0027-0059.

В указанных сделках в качестве представителя ОАО «ФДСК» выступала секретарь Общества — Исаева Светлана Болотовна.

Утвердить заключение ОАО «ФДСК» 23 июля 2025 года Договора кредитной линии № 050001/00691/3 с ОАО «Бакай Банк» на условиях обеспеченности, срочности, платности и возвратности, согласно которому ОАО «Бакай Банк» открыло ОАО «ФДСК» невозобновляемую кредитную линию в размере 2 500 000,00 (два миллиона пятьсот тысяч) долларов США.

- Срок кредитной линии – 84 (восемьдесят четыре) месяца: с 23.07.2025 года по 23.07.2032 года.
- Срок доступности средств – 78 (семьдесят восемь) месяцев, до 23.01.2032 года.

Цель использования кредитных средств: пополнение основных и оборотных средств.

Дополнительную информацию акционеры могут получить в офисе ОАО «ФДСК» по указанному выше адресу.

**Справки по тел.: 428 838**

с/о 812

***В связи с утерей разрешительный бланков по международным направлениям 1. Азербайджан 2-х-2212058 ОсОО "Макси Транс" в количестве 1 (одной) штуки и считать недействительным***

н-564

***Жунусов Адилет Жунусовичке таандык Кыргызстан, Кытай жана Өзбекстан өлкөлөрүнө жүк ташуу үчүн 06 KG 560 AFF автомашинасына берилген № 0700970201 уруксат кагазы (дозволу) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

н-566

***Өзгөн районунун тургуну Исраилова Кадычага таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 23517616 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

п/п 449

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Шыйкыманарова Асема Шыйкыманаровна код ОКПО 31123653 считать недействительным***

М.б.

## Информация о внеочередном общем собрании акционеров ОАО «КЫРГЫЗСУУДОЛБООР»

- **вид общего собрания** - внеочередное
- **форма проведения** – очное голосование
- **дата проведения** – 15 сентября 2025 года
- **место проведения общего собрания -** г. Бишкек, ул. Курманалиева, 1а/1
- **кворум общего собрания –** 87,2522%

**Вопросы повестки дня и итоги голосования по ним:**

| № п\п | Вопросы повестки дня | Итоги голосования в % | Решение |
|---|---|---|---|
| 1. | О Счетной комиссии | за –100% | Избрать Счетную комиссию в составе: Тентишевой Г.М.\ Абдылдаева С.Дж. Сабыралиевой З.У. |
| 2. | Об увеличении номинальной стоимости акций, по итогам дополнительного выпуска эмиссии (частной эмиссии), в соответствии с переоценкой основных средств ОАО «Кыргызсуудолбоор» | за –87,2522%, против - нет, воздержалось – нет | Увеличить номинальную стоимость акций, по итогам дополнительного выпуска эмиссии (частной эмиссии), в соответствии с переоценкой основных средств ОАО «Кыргызсуудолбоор» |
| 3. | О даче согласия Правлению ОАО «Кыргызсуудолбоор» на заключение договоров на проектно-изыскательные работы с Дирекцией строительства водохозяйственных объектов Службы водных ресурсов при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики, в соответствии с подпунктом 5 пункт 11.1. Устава ОАО «Кыргызсуудолбоор». | за - 87,2522%, против – нет, воздержалось - нет | Дать согласия Правлению ОАО «Кыргызсуудолбоор» на заключение договоров на проектно-изыскательные работы с Дирекцией строительства водохозяйственных объектов Службы водных ресурсов при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики, в соответствии с подпунктом 5 пункт 11.1. Устава ОАО «Кыргызсуудолбоор». |
| 4. | О смете расходов на содержание Совета директоров и Ревизора Общества | За – 99,7229% против - 0,2771%. воздержалось - нет. | Утвердить сметы расходов на содержание: - членов Совета директоров на 2025 год в сумме 1707,1 тыс. сом. - ревизора Общества на 2025 год в сумме 272,1 тыс. сом. |

с/о 813

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети
**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА Жазгүл Жузуповна
**Кабылдама 62-38-75**
Башкы редактордун 1-орун басары КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71
**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87 (0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74
АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32
Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.
**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.
erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.
**Индекси: 68451**
"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 435. Нускасы 5266
Басууга 18.09.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЙМАК ӨНҮКСӨ – МАМЛЕКЕТ ӨНҮГӨТ

## Бактияр АСАНАЛИЕВ, Аламүдүн районунун Байтик Баатыр айыл аймагынын башчысы:

# “АЙМАКТЫК РЕФОРМА НАТЫЙЖАСЫН БЕРҮҮДӨ”



***2024-жылдын 29-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” №370 Жарлыгынын негизинде уюшулган Байтик Баатыр айыл аймагында 6 мектеп, 3 бала бакча, 1 кесиптик лицей, 6 футболдук аянтча, 1 Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 4 ФАП, 1 реабилитациялык борбор, андан башка эс алуу жайлары калкка кызмат көрсөтүп келет. Айыл аймагынын башчысы Бактияр Асаналиев менен болгон маегибизде жыл башынан бери жасалган иштер тууралуу пикир алыштык.***

**- Бактияр Чойбекович, айыл аймагынын өнүгүшү үчүн жыл башынан максат коюп, иш-чараларды бекитүү башкы маселе эмеспи. Алдыга койгон план-тапшырмаларды аткарууга жетишип жатасыздарбы?**

- Айыл аймагынын администрациясы жергиликтүү кеңештин депутаттары, калкыбыздын активдүү катмары менен тыгыз байланышта кызматташып, өнүгүү багытындагы иш-чарабызды бекитип, иштеп келатабыз. Салык кирешелери боюнча планды 104%га аткарып, инвестиция тартуу жаатында максаттуу иштер колго алынууда. Аймагыбызда 10 өнөр жай ишканасы катталып, булардын ичинен эки кыш заводу, калганы кумшагыл аралашмасын өндүрүшөт. Аймагыбызда аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн, пенсионерлердин, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн, “Эне даңкы” медалы жана “Баатыр эне” орденинин ээлеринин, Афган согушунун, Чернобыль АЭС катышуучуларынын жана башка жардамга муктаж жарандарыбыздын тизмеси такталып, аларга ар тараптан колдоо көрсөтүп жатабыз. Байтик Баатыр айыл өкмөтү жана демөөрчүлөр тарабынан калктын аярлуу катмарлары үчүн азык-түлүк, көмүр таратылып, майрамдык иш-чаралар байма-бай өткөрүлүп турат.

**- Инфратүзүмдөрдү жакшыртуу, жолдорду оңдоо, көчөлөрдү жарыктандыруу маселелери кандай жолго коюлган?**

- 2025-жылдын 1-жарым жылдыгында аткарылган иштер боюнча айта турган болсом, жалпы суммасы 35 млн сомго лизинг аркылуу атайын техника сатып алынды. Бул техникалар бүгүнкү күндө аймактын инфратүзүмдөрүн жакшыртууга чоң салымын кошуп жатат. Республикалык бюджеттин эсебинен Байтик айылынын А.Суйүмбаев көчөсү асфальттталып жасалып бүткөрүлдү. Арчалы айылында жалпы наркы 424 890 сомго көчөлөргө шам чырактар орнотулуп, жарыктандырылды. Ушул эле айылдагы сугат суу өтө турган 600 метр каналды оңдоо иштери жүргүзүлдү. Байтик айылында узундугу 34 метрге лотоктор орнотулду. Айыл аймактагы мыйзамсыз орнотулган соода-сатыктар алынып, элибизге ыңгайлуу шарттар түзүлүп жатат. Президентибиз Садыр Жапаровдун демилгеси менен ишке ашырылып жаткан «Жашыл Мурас» улуттук кампаниясынын алкагында Байтик Баатыр айыл аймагында көчөт тигүү иштери активдүү жүргүзүлдү.

**- Калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу иштери кандай жүрүп жатат?**

- Таза суу маселесин чечүү боюнча айыл аймагында бир топ иштер аткарылды. Маселен, Байтик айылынын 13 гектар жаңы конушуна суу түтүктөрү орнотулду. Бул иш-чарага 4 370 458 сом сарпталды. Ошондой эле таза суу иштетүүчү скважинанын эки насосу алмашылды. Арчалы айылынын таза суу түтүктөрүн алмаштыруу үчүн жолдор тазалануда. Андан башка бардык айылдардагы таза суунун жарылган жерлери оңдолуп, суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылууга болгон аракетибизди жасап жатабыз. Арчалы айылынын таза суу түтүктөрүн алмаштыруу үчүн жолдор тазаланууда

**- Жаш муундарды татыктуу тарбиялоо үчүн талапка жооп берген билим берүү мекемелери болуш керек да. Аларга шарт түзүү айыл өкмөтүнүн милдеттеринин бирине кирет эмеспи. Ушул тармакта абал кандай?**

- Айыл аймагындагы 6 мектептин бирөө, 3 бала бакчанын бирөө жеке менчик. Айыл өкмөтү билим берүү мекемелерин талаптагыдай шартта кармап туруу үчүн каражатыбызды аябай келебиз. Ошону менен бирге Президентибиздин, Министрлер Кабинетинин, райондук бийликтин жардамы менен билим берүү тармагына тиешелүү мекеме-уюмдардын шарты жылдан-жылга жакшырып, өз натыйжасын берип жатат. Атап өтсөм, айыл аймагындагы Арчалы айылындагы Г.Самсалиев атындагы Жогорку Ала-Арча орто мектебинин башталгыч классынын имаратын оңдоп-түзөө иштери башталды. Бул долбоордун жалпы наркы 51,0 млн сомду түзөт. Байтик айылында сметалык баасы 49 млн сомдук жалпы аянты 600 кв. м болгон спорт комплекстин курулушу жүрүүдө. Азыркы учурда курулуш иштери 30% аяктап калды. Эки долбоор тең республикалык бюджеттин эсебинен каржыланууда.

Кашка-Суу айылынын Т.Актанов орто мектебинин башталгыч классынын бөлмөлөрүндө оңдоп-түзөө иштери жүрүп, ага 459,9 сом сарпталды. Башкара-Суу айылынын С.Жоошбаев атындагы орто мектебинде оңдоп-түзөө иштерине 577,7 сом жумшалды.

Малиновка айылынын эски мектебинин имаратына бала бакча уюштуруу үчүн иштер жүргүзүлүүдө. Бул долбоорго Дүйнөлүк өнүктүрүү банкы – 3 232 000 сом, жергиликтүү бюджеттен 2 500 000 сом бөлүнүп берилди. Байтик айылынын “Ай-Данек” бала бакчасына 276 680 сомго электр мештерин алып бердик.

Ошондой эле Байтик айылынын Маданият үйүнө 239 600 сомдук музыкалык аспап алынып берилди. Кашка-Суу айылынын кичи футбол аянтчасын түздөп, тазалоо иштери жүргүзүлдү.

Айыл аймагында жасалып жаткан иштерибиз жыл башында белгиленген иш-чарабыздын негизинде өз ыраатты менен жүрүп жатат. Азыр элибиз рынок экономикасынын суроо-талабын туура түшүнүп, өз алдынча ишкердүүлүк кылганга кыйла көнүп калышты. Эң башкысы, элибиздин маанайы жакшы. Өлкөбүздөгү реформалар өз натыйжасын берип, келечекке болгон үмүтүбүз жанып, жаңы дем менен иштей баштадык. Бүгүнкү күндө айыл аймагындагы бир дагы маселе көңүлдүн сыртында калбайт. Анткени, бардык ишти бүтүрүүгө мүмкүнчүлүктөр жетиштүү. Буюрса жыл сонуна чейин көздөгөн максаттарга жетип, эл алдында жүзүбүз жарык болоруна ишенемин.



*Айыл өкмөтүнүн эмгек жамааты*

**Наргиза КАЗАКБАЕВА**